Сапарова Зинатай Турдубаевна

# МАСТИ КЫЗ

Бишкек 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
С 19

БатМУнун гуманитардык-экономикалык институтунун
окуу-усулдук кеңешмесинде талкууланып басмага сунушталды

**Автор:** БатМУнун гуманитардык-экономикалык институтунун
орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн окутуучусу
Сапарова Зинатай Турдубаевна

**Жооптуу редактору:** Хидирова Ч.Х., ф.и.к., доцент.

**Рецензенттер:** Эгембердиев У., Шерова А.К., БатМУ ГЭИнин
ФжПББ кафедрасынын окутуучулары

**Сапарова З.Т**.
С 19 **Масти кыз**. *Поэма жана ырлар*: -Б.: 2017 96 б.

ISBN 978-9967-187-0

Автордун басмадан чыгарып жаткан ыр жыйнагы "Ыйман, адеп жана маданият" жылынын алкагында БатМУнун Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун 20 жылдыгына арналып чыгарылды. Мында Ата Мекенин сүйүүгө, жаратылышты коргоого багытталган, ата-энеге, мугалимдерге, балдарга арналган чыгармалар орун алган. Элдик уламыш "Масти кыз" аттуу поэма жана дүйнө элинин акындарынын чыгармаларынын котормолору да киргизилген.

Бул адабий басылманы жогорку жана орто окуу жайынын студенттери, окутуучулары, орто мектептин мугалимдери жана окуучулары, балдар бакчасынын тарбиячылары пайдаланса болот.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

С 4702300200-17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-16-187-0

© Сапарова З.Т. 2017
© БатМУ, 2017

## ***БАШ СӨЗ***

Акындык өнөр бул бир гана жараткан өзү сүйгөн пендесине жалгыз Алла тарабынан берген касиеттүү өнөр . Анын атайы окуй турган мектеби да жок. Тек гана табигый талант. Аны улам тарбиялап өстүрсө гана өрчүп-өнүгүп, улам курчуп, улана берип биринчи даражага жетиши мүмкүн. Акындын бул жашоого таберик катары калтырып кете турган канаттуу арзуу ырлары, нускалуу учкул сөздөрү, өлбөстүктүн экинчи өмүрү болуп түбөлүккө жашай берет. Тагдырына туш келген бардык кайгы-кубанычтарды жүрөгү аркылуу өткөрүп, турмуштун ысык-суугуна тоңуп, азып-тозуп жанын кыйнап, акыл жыйнап жан дүйнөсүн жарык нурга толтуруп, ак сүйүүнү даңктап ырдап, сезимдеги ой-чабыттарын ак кагазга жазып, кыялданып, түйшүк тартып жашай берет. Сен ошондой акындын татаал турмушун тандап алыптырсың. Ошондуктан, жан дүйнөңдөн жанып чыккан жалындуу сөздөрүңдү көөдөнүңдө кадап жата бербей, жарыкка чыгарып, жакшылыктын жарчысы болуп, элиңе жар салып ырдай бергин, карындашым.

*Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү,*
*К.Сабыров атындагы адабий сыйлыктын*
*лауреаты, көптөгөн шаардык, райондук,*
*республикалык сыйлыктардын ээси, жети*
*китептин автору, ардактуу ардагер*
***Мажит Жороев***

### *“Масти кыз” ырлар жыйнагына кандидаттын пикири*

Поэзия майданына жаңыдан кадам таштаган жаш акындын туулган жер, ата-эне, Ата Мекен, балалык, жаратылыш, мугалим жана анын заман көйгөйлөрү жөнүндө кыял чабыттарына таасирленбей койбойсуң. Өзгөчө акындын туулган жерге, ата-энеге арнаган ырлары көңүлгө толуп, жан дүйнөңдү толгонтуп, Ата Мекен, ата-эненин алдындагы ыйык парзыңды аткаруу сезимин ойготот. Мугалим жана окуучулар жөнүндөгү ырлары да көптүн көңүлүндөгү ойлорун чагылдырат. Мындан Сапаровада элдин ой-тилегин канаттуу саптарга түшүрө алгандыгы көрүнүп турат. Жыйнактагы көпчүлүк ырлар акындын төкмөлүк шыгы бар экенин айгинелейт. Атай кетсек, ”Атакемдин санаты”, ”Балдар ай”, ”Эне тил”, ”Аталар”, ”Мугалим”, ”Жардам күтөт шайлоочуң”, ”Үчүнчү курултайга”, ”Жаңы жыл”, ”Масти кыз” поэмасы.

Келечекте асыл ойлорго чөмүлгөн, көптөгөн канаттуу ыр саптарын үмүттөндүргөн акынга бекем ден соолук, чыгармачылык ийгилик, үй-бүлөлүк бакыт каалап кетмекчимин.

*Филология илимдеринин кандидаты,*
*доцент, мыкты окутуучу*
***Хидирова Ч.Х.***

30-декабрь 2016-жыл

***Кыргыз поэзиясындагы жаңы ысым***

З.Сапарованын калемине таандык "Масти кыз" чыгармасы кыргыз поэзиясынын катарын толуктаган жаңы басылма. Автор КР түштүк батыш чөлкөмүнүн эң четки шаарларынын бири Сүлүктү шаарынын тургуну. Бул жыйнакта автор көптөгөн темаларды камтыган. Ата Мекен, мамлекеттик тил, мугалим, ата-эне жана балдарга арналган ырларын, ошондой эле "Масти кыз" поэмасын аксакалдар айтып жүргөн эл оозундагы легенданы кагаз бетине түшүрдү. Бул келечек үчүн жакшы элдик чыгарма болуп кала берет.

Жаш калемгердин чыгармачылыгында чоң үмүт жатат. Келечекте акын поэзиянын терең сырларын үйрөнүп, өз алдынча мындан да жакшы ыр саптарын жаратуусу сезилип, байкалып турат.

Акындын ыр топтомун окуп, туура баа бересиздер деген үмүттөбүз. Бул жыйнак алгачкы чыккандыгына байланыштуу кемчиликтер да болушу мүмкүн. Сиздерден, урматтуу окурмандар, сын-пикирлериңиздерди акын күтөт жана туура кабыл алат. Жаңыдан адабият майданына кадам таштаган, сөз багып акындык өнөрдүн чыйыр жолун басууга аракеттенген эжейге чыгармачылык ийгилик каалайбыз.

*Терең урмат менен*
*БатМУнун Гуманитардык-*
*экономикалык институтунун доценти,*
*Педагогика илимдеринин кандидаты,*
*КР Билим берүүнүн мыктысы*
***Абдуллаев Р.М.***

## *“Масти кыз” ырлар жыйнагына журналисттин пикири*

Сапарова Зинатайдын каleminен жаралган “Масти кыз” аттуу ырлар жыйнагынан турган китебинде Ата Мекен, коомдогу адамдардын жүрум-турум мүнөздөрүнө ой-толгоолор, замандаштарына карата арноо саптары куюлушкан чебер ыр саптары аркылуу кеңири чагылдырылган. Китептин акырында тейит уруусунун жайлоосунда болгон окуянан алып “Масти кыз” поэмасы берилген. Уламыш окуя кылымдар аралыгында ооздон-оозго өтүп, фольклордук легендага айланып кеткени байкалып турат. Мындай тарбиялык жагы мол болгон чыгарманы кыргыз адабиятында биринчи болуп изилдеп З. Сапарова чоң ачылыш жараткан. Автор поэманы жаратуу менен элдик обондо комузда бир нече жолу сахналарда коңур үнү менен ырдап жүрүшү абдан жакшы саамалык.

Поэмадагы Масти кыздын каракчыларды жеңүүдөгү мекенчилдиги, кысталаңда атасына жардам берип амалкөйлүгү артында эрдик жасап, короо-короо малдарын, айылын, үйүр-үйүр жылкыларын сактап калышы чебер куюлушкан ыр саптары аркылуу сүрөттөлгөн.

Ал эми ырларында адамдардын бири-бирине кайрымдуулугу, мамилелери, чыныгы инсандык эрежелерден алыстап бара жаткандыгы жөнүндө кейип жазганы окурмандардын көңүлүн бурат.

Авторго ден соолук, чыгармачылык ийгилик каалап, калеми курчуй берсин демекчимин.

*КР Билим берүүнүн мыктысы, журналист,*
*БатМУ ГЭИнин окутуучусу* ***Эгембердиев Р.***

### *Окуу жайым*

Шаарымдын көркүн ачып кулпуруп,
Окуу жайым сен ардаксың эл үчүн.
Жарчы болуп кучак жайып турасың,
Аалам жарык келечектин күнү үчүн.

Илимпоздор илим жолун таанытып,
Билим, илим булагынан суу берет.
Өчпөс күйгөн шам чырактын жарыгы,
Нурун чачып каухар сымал бир элес.

Басып өтсөм жанынан кээ күндөрү,
Шыңгыр күлкү жаштардын үнү угулат.
Эстеймин окуткан эже-агайды,
Өткөн жаштык күндөрүмдөн эске салат.

Куттуу болсун 20 жылдык маарекең,
Айтып бүткүс дастаным көп сага тең.
Сен берген, сен үйрөткөн улуу жолдо,
Чын дилимден кызмат кылам жашоомдо.

Кулпура бер жазгы гүлдөй ачылып,
Таң нурундай шоолаң жылуу чачылып.
Өркүндөгүн атың чыгып дүйнөгө,
Окуу жайым жылдан- жылга жашарып.

Асабаңды өйдө кармап ободон,
Күн нурундай жарык болсун зоболоң.

*20.10.2016жыл*

## *Мен кызымын*

Мен кызымын саяпкердин албууттанган,
Кызыл беттүү, буудан өңдүү менин атам.
Колунда бар өнөрлүгү саяпкерлик,
Канатым деп жан дилинен атты баккан.

Мен кызымын бакчы адамдын мөмөлөгөн,
Бак ичинде эрте -кечке эмгектенген.
Адамгерчилик, ыйман-нысап, баркты баалап ,
Өз балдарын жакшы жолго үндөгөн.

Мен кызымын санатчынын, ырчынын,
Ырдап берчү өз баянын, турмушун.
Өткөн жолду жетимчилик күндөрүн,
Айтып берсе ыйлап кетчү жүрөгүм.

Атадан балага өткөн ырыс сымал,
Өткөн го мага да ошол ырлар.
Атамдын өнөрүнө таазим этем,
Көөдөндөгү жалындаган жаркын ырлар.

Жүрөгүмдү жарып чыксын жаңы ырлар,
Чолпон жылдыз сыяктанып жаркыраар.
Түбөлүк күнүм болгон, сырым болгон,
Сыймыктуу нурум болгон даңктуу ырлар.

### *Ишеним*

Бир кезде окуп жүрүп мектебимде,
Бир эжем үйрөттү эле ырлар сабын.
Ошондон шыгым артып ыр дүйнөгө,
Канат кагып умтулуп келип калдым.

Жүрөгүмө эжекем ырын берди,
Байкатпастан ыр аркылуу сырын берди.
Ал ырларды, сырларды көпкө эстеп,
Кадырлаймын, сыйлаймын эжекемди.

Ырым менин жашоомдо өмүр бою,
Жакшылыкка жан дүйнөмдү эргиткен.
Дилим менен кан-жанымдан жаралып,
Дайым менин көңүлүмдү сергиткен.

Эл–жеримди , жашоону даңктап жазган,
Элим сүйгөн акын кыз болоор бекем?
Окурмандар тамшанышса ырларыма,
Тагдырыма миң ыраазы болоор элем.

Оо, жараткан, мага талант берген болсоң ,
Колдой көргүн жалгыз сага ишенем.
Таштабастан калемимди күндүр-түндүр,
Ырларымды чалагайым жазып келем.

Түнүндө уйкум качат ыр издейм,
Жүрөгүмдөн чыккан сөздү тизмелейм.
Энем мени урушкансыйт ошол кезде,
Болдучу чырак өчүр кызым дейм.

Десе да үндөбөй олтура берем,
Колума калем, барак кармап алып.
Жан дүйнөм учуп кайда кыялданып,
Эргүү алам, талпынган куш сыяктанып.

### ***Биздин өрүк***

Жер бетине нур чачып,
Биздин өрүк гүлдөдү.
Жаңы төрөлгөн баладай,
Акак таза гүлдөрү.

Карай берем суктанамын,
Ак көйнөкчөн бутакка.
Атам тиккен дарактары,
Дем-күч берет адамга.

Тумар болгон өрүктөрүм,
Өсө бергин соолуба.
Жан дүйнөмө канат байлап,
Көңүлүмө ыр кура.

Шыңгыр күлкү бала чакта,
Үзүп, искеп жүргөнмүн.
Энем мени «Кой садага,
Гүлдөрүнү үзбөгүн,
Убал болот ал да» десе,
Кызыксыз деп күлгөнмүн.

Өрүктөрдүн шириндигин,
Анда кайдан билчүмүн.
Арзуу үмүт жашоодогу,
Өрүк кандай шипширин.

Жазгы гүлдүн жыты башка,
Гүлдөрдү мен издеймин.
Өмүр гүлү жаз гүлүндөй,
Таба албайсың аны кийин.
*16-апрель 2012-жыл*

### *Өмүрүм өнөрүм деп жашап келет*

Күндөр өтүп , жылдар агып дайрадай,
Кара чачка ак бубактар аралап.
Кымбаттыгын ар бир күндүн өлчөмүн,
Карап турсам сызылбаптыр даанараак.

Комузумду колума кармап алып,
Кээде ырдап, кээде жүрдүм сандалданып.
Колумда чалагайым бир ыр жыйнак,
Калк ичинде сый -урматка бааланып.

Окудум, бала окутам, там салам деп,
Журүпмүн көр тирилик азабынан.
Эл үчүн эмне кылдым дегенимде,
Алдастап сүйлөй албай кетет чамам.

Өзүмө терс карайм жинденемин,
Өтүлгөн убактарым текке кетет.
Өткөндүн эсебин санай албай,
Өмүрүм өнөрүм деп жашап келет.

### *Жаз сулуулугу жана адамзат*

Жадыраган жаз да келди, нур келди,
Жер бетине береке, ырыс, кут келди.
Жазгы жарыш, оюн-күлкү, кубаныч,
Жан-жаныбар бардыгына күч берди.

Кооз болуп жердин бетин гүлдөр басып,
Коңурсуду атыр жыты сулуу жаздын.
Кубанамын жыттагылап көк шиберин,
Кулак тосом обонуна булбулдардын.

Суктанамын карай берип айланага,
Укмуш сонун ойлор келет кайра-кайра.

Кудурети жараткандын күчтүү болуп,
Сулуулукту аябаптыр табигатка.

Оо, жараткан, табигаттан аябаган,
Сулуулукту не бербедиң адамзатка.
Мен айтпаймын сырт келбетин, көрүнүшүн,
Жан дүйнөсү сулуу эмес адамзатта.

### *Төккүн жамгыр*

Төккүн жамгыр, нөшөрлөгүн,
Жер бетине суу тамызып.
Чаңкап турган табигатты,
Көрккө бөлө нур чачылтып.

Жаа жамгырым, себелей бер,
Эл журтуңа, ырыс-кут бер.
Дегенсийсиң: «төктүм сууну,
Дыйкан баба, кана кол кер».

Төккүн жамгыр, нөшөрлөгүн,
Сергитип жан дүйнөмдү.
Себелеген тамчылардан,
Себет толо ырлар алам.

Сен төгөсүң алтын сууну,
Мен чертейин күмүш күүнү.
Талаа-түзгө төккүн данды,
Тойгозо бер чөпкө малды.

Сүйүнгөнсүйт атам менин,
Жерге эккен эгинин карап.
Жашаргансып сезилди го,
Бетиндеги бырышы тарап.

### *Жаз жыты*

Жаз жыты буруксуган таза аба,
Жайкалган көк шибердүү салкын тарта.
Жашарып быйылкы жаз көрктүү болду,
Жылдагыдан сулуу болуп бир башкача.

Кызыл, сары, ак сыяктуу гүлдөрү,
Жер жайнаган түркүн түстүү түрлөрү.
Кызыл килем жайып койгон сыяктуу,
Кызарышып күлүмсүрөйт көздөрү.

Таза тунук булактары шыңгырап,
Ичсем сууну кандырбастан тамшантат.
Желин толо уйлар, койлор оттошуп,
Кишенишип жылкылары жайкалат.

Торгой сайрап мейкин таза абада,
Өмүрүмдү уланткансыйт жашара.
Өмүр бою жаздын жытын кучактап,
Жаткым келет айланага суктана.

### *Жыл периге*

Кыргызым сан кылымдан жашап келген,
Аялзатың акыл менен канат керген.
Башкарып кыргыз элин сыймыктантып,
Дүйнөдөн Курманжандай датка өткөн.

Кан Манасты баатыр кылып Каныкейи,
Акыл менен көп жоолорду жеңип келген.
Каныкейдин жолун жолдоп Айчүрөгү,
Сулуулуктун, тазалыктын көркүн берген.

Кыз Сайкал сөзгө чечен, бели бекем,
Кармаган улуу салтты Ата Мекен.

Жаңыл Мырза сыяктуу аялзаты,
Тарыхта жашап келет нечендеген.
Уркуя урпактары улантышат,
Ала-Тоонун кең койнунда мекендеген.

***Сүлүктүмө***

Жерим менин кең койнуңда төрөлдүм,
Мээримиңе, касиетиңе бөлөндүм.
Бейпилдиктин нурун чачып ай-ааламга,
Мекеним, сен токчулуктан көгөрдүң.
Элиң сенин дайым шайыр, алдыда,
Кара кенин сапырышып жарышта.
Сыймыктуу шаарым Сүлүктүм,
Жүрө бергин, өсө бергин алдыда.
Салкын аба, кең жайыттуу турагым,
Сени менен жыл жашарып турамын.
Эмгек талаа, күжүрмөндүү эли бар,
Саптарыма саймалап ыр жазамын .
Сүлүктүм, Сүлүктүм, Сүлүктүм,
Кара кендүү жалындаган үмүтүм.
Эмгектенип мен жүрөм өзүң үчүн,
Жылуулукту чача бергин күнү-түн.
Сүлүктүм туулган жерим аймагым,
Киндик каным тамган жерим талбагын.
Байлык сенде кара алтын кенисиң,
Тилегеним карыбагын, азбагын.
Өмүр бою ырдай турган ырыма,
Алоолонгон жалыныңдан алайын.
Кылымдарга өсө бергин өркүндөп,
Жылдан-жылга гүлдөшүңдү каалаймын.

***Кош-Булак***

Кош-Булак биздин айылыбыз,
Кенен төр салкын жайыбыз.
Бакта булбул сайраган,
Кызыл-тазыл гүлдөрү,

Талаасында жайнаган.
Ак калпакты кийишип,
Элдин көркү карыда.
Ак сакалдуу жайкалган.
Ак элечек оронуп,
Байбичеси балпайган.
Жароокер болуп келиндер,
Ак батаны алышкан.
Көшөгөсү көгөрүп,
Уул бала төрөлүп.
Кыткылыктап кыздары,
Көз күйдүрөт тим эле.
Карчыгадай албырып,
Сөзгө чечен балдары.
Ыр менен бийге шыктанган,
Эли шайыр Кош-Булак.
Көк шиберлүү жайлоосу,
Жери тегиз Кош-Булак.
Бир көргөндө көз тойгон,
Малы семиз Кош-Булак,
Ынтымак ырыс кешиги,
Биримдүү элим Кош-Булак.
Келечек жаркып түбөлүк,
Илимдин жери Кош-Булак.

Ар кыялдуу ар мүнөз,
Жандар өткөн Кош-Булак.
Эл башкарып той-тойлоп,
Хандар өткөн Кош-Булак.
Айыл- айыл баш болуп,
Бийлер өткөн Кош-Булак.
Казынадан баш таап,
Бектер өткөн Кош-Булак.
Коoздоп үлгү оймогун,
Уздары өткөн Кош-Булак.
Бир көрсө көз кандыргыс,

Кыздары өткөн Кош-Булак.
Кырманыны сапырып,
Бабам өткөн Кош-Булак.
Бак ичинде мөмөлөп,
Атам өткөн Кош-Булак.
Эң биринчи тарыхта,
Революция башталып,
Буржуазия капиталист,
Куулган жери Кош-Булак.

Кырманында кызыл дан,
Сапырылган Кош-Булак.
Сарайында күлүк ат,
Атырылган Кош-Булак.
Жар-жарларда улактар,
Секиришкен Кош-Булак,
Жылтылдаган мөл булак,
Агып жаткан Кош-Булак.
Алма жийде, өрүгү,
Жайнап жаткан Кош-Булак,
Тонна- тонна кара алтын,
Кайнап жаткан Кош-Булак.

Жылдан жылга жаңырып,
Жашай бергин Кош-Булак.
Илим менен техника,
Өсө берсин Кош-Булак.
Жаштарың көп өнөрлүү,
Келечеги кең Кош-Булак.
Атың чыгып дүйнөгө,
Дүркүрөгүн Кош-Булак.
Жыйырма биринчи кылымда,
Күркүрөгүн Кош-Булак.
Кош-Булак биздин жерибиз,.
Кош эми тууган элибиз.

***Масти кыз***
***(Элдик уламыш)***
*Поэма*

Атындан айланайын туулган жерим,
Санжыралуу тарыхка бай кыргыз элим.
Туулган жердин топурагы алтын болгон,
Уламыштын уюткусу кенен жериң.

Сүлүктүм жылуулуктун мекени,
Адамзатка жараткандын бергени.
Кара алтындан кайнап жаткан кен берип,
Ырыскылуу меймандостуу эл деги.

Бир уламыш эл оозунан угамын,
Бар бекен деп китептерди тытамын.
Уксам дагы түшкөн эмес кагазга,
Билгендерден дагы-дагы сурадым.

Күүсүн угуп таңырканып, тамшанып,
Ырларыма кошсомчу деп самадым.
Кызык үчүн, билүү үчүн, эл үчүн,
Бул дастанды өзүм үчүн жазамын.

Сүлүктүнүн маңдай-тескей жагында,
Өрү-Дөң-Түз деген жайлоо бар.
Кең жайыттуу көк шибер,
Арчалуу токой , тоолор бар.

Кийик оттоп төрүндө,
Бүркүт учкан зоолор бар.
Бурч-бурчунда булак бар,
Түр-түр дары чөптөр бар.

Көргөндөр билет баарыны,
Көрбөгөндөр арманда,
Көргөндөрдөн санжыра.

Ошол тейит жайлооңдо,
Ашкан бир бай жашаптыр.
Короо-короо койлору,
Төө, эчки, уйлары,
Талаасында жайнаптыр.
Семиз малдын жаңы эти,
Казанында кайнаптыр.
Кош-Булактын элдери,
Эркин ойноп жыргаптыр.
Жайлоологон жолоочуга,
Досторкону жайнаптыр.

Ата- баба  салты менен,
Бей-бечараны аяптыр.
Колунан келген жардамды,
Аянбастан бериптир.
Ыраазы болуп жаш-кары,
Бай адамды алкаптыр.
Мээнет менен көгөрүп,
Эмгеги менен жашаптыр.
Адамдарга жакшылык,
Ыймандуулук каалаптыр.

Жалгыз кызы Мастинин,
Өмүрүнү  тилептир.
Уул бала болот деп,
Үмүт кылып дегдептир,
Бергенине шүгүр деп,
Жаратканга ыраазы.
Өмүрлүк жары мээримдүү,
Бактылуу жашоо ажары.

Эрке тентек Масти кыз,
Уул баладай шок мүнөз.
Ата-эненин ар ишин,
Айтырбай кылат бир да сөз.
Айылдагы жаштардын,
Жалыны да, өртү ушул.
Эркин сүйлөп эр жүрөк,
Акылдуу да, баатыры ушул.
Оюн салып кызыктуу,
Ары чечен, чуу ушул.
Алдына салбай эч кимди,
Айтканы айткан өжөр кыз.
Ааламдын кызык сырларын,
Алам да, билсем деген кыз.
Кайсы өнөр болсо баалап,
Далалаттанып билген кыз.
Колунан келген жардамды,
Жаш-карыга берген кыз.
Жаш кезинен чыйралып,
Атасына жөлөк болгон кыз.
Кыз Сайкал, Жаңыл мырзадай,
Түлкү ойноп, куумай тепкен кыз.

Тоо айланып, куш салып,
Таш-Кыянын белиндеги,
Жайыттарга барыптыр.
Атасына айттырып,
Ал жерге короо салдырыптыр.
Койчу жалдап коюна,
Миңдеп кой бактырыптыр.
Чоор тарткан койчунун,
Күүлөрүн жаттап алыптыр.
Ар кандай добуш жандырмагын,
Угуп туруп тааптыр.
Жаш кезинен зиректиги,
Акылына жол салыптыр.

Ар бир инсан жаралган,
Табияттан өнөрлүү,
Аны багып өстүрсө,
Элден кадыр табаттыр.
Мындайларды тарых да,
Окуса деп самайттыр.
Өрнөк болуп өмүрү,
Үлгү болуп калаттыр.

Адам болуу өзү кыйын,
Күн сайын жарык дүйнөдө,
Сооп ишти көп жаса,
Жакшылык, тынчтык өмүрдө.
Жараткан өзү жол берип,
Ичи тазаны алкайттыр.
Азыркы кезде аракет,
Баарынан бийик жашайттыр.

Байлык көп болсо, душман көп,
Көрө албастар арада ойнойт.
Элимдин сөзү накыл кеп,
«Ит-куштар сени койбойт»
Кандай болду, не болду,
Окуянын оболу.
Каракчылар камданып,
Кол салууну ойлоду.
Каракчы деген сөз өзү,
Уруунун жолун жолдойбу.
Даяр болгон мал жайды ,
Тоноп алган оңобу.
Ойлорунда ар кыял,
Бай болууну ойлойбу.
-Мурдагы биздин заманда,
Каракчылар тобу көп болгон.
Ар- ар жерде топ болуп,
Бей-бечараны тоногон.

Тарыхта буга далил бар,
Деп айтат эски адамдар.
Колуна кармап кылычын,
Андайлар бети курусун.
Алдына салып кыйкырык,
Тоо-ташты жарып чуу кылып.
Бирөөнүн акы дебестен,
Көп адам какшап ыйлаган.
Көгөртүп туруп кашайтып,
Көк союл кылып кыйнаган.
Жаш-кары, улуу-кичүүнү,
Жан-жаныбар, тиштүүнү,
Көргөнүн союп жайлаган.

Ошондой уламыш бар экен,
Кулагыма куйду жан атам.
Жакшы сөз калат элимде,
Айтылып келет байыртан.
Ак кагаз бетине түшүрдүм,
Ошондон эми баштасам.

Арам ойлуу каракчы,
Өз ишине киришти.
Белдеги жайыт койлорду,
Имерип белги беришти.
Койчу байкуш кыйкырып,
«Айдаба» - деп бакырат.
Колун байлап койчунун,
Бети -башын кан кылат.
Ырайымсыз каракчы,
Койчуга минтип кеп айтат:
«Айтчы, койчу чапаны,
Койнунда токоч, чаначы.
Айдаганың миң койго,
Келбейт го түзүк чамасы».

Тейиттин ашкан байынын,
Кайтарасың малдарын.
Мен үчүн багып жүргөнүң,
Билбейсиңби ардагым.
Ак серкеңди секиртип,
Мага жакты бакканың.
Көк кочкорду элиртип,
Мага арнайт го ал байың.
Шилекейди агызып,
Жутамын деп турамын.
Жаныңды алып заматта,
Башыңды алып тынамын.
Баккан малың меники,
Калгандары сеники.

Дегенде койчу кеп айтты,
Эр жигит коркпой тике айтты:
- Кыйсаң кыйгым жанымды,
Алсаң алгын башымды.
Азапка салдың жанымды,
Бей-бечаранын ырысын,
Аласыңбы малыны.
Уялбастан бети жок,
Айдайсыңбы баарыны.
Тамагыңдан өтсө эгер,
Каргыш тийгир каракчы,
КУДАЙ берсин жазаңды.

-Эмне дейт шумпай койчуман?
Ажалың жеткен го мурдатан.
Кансырап турат канжарым,
Жаныңды алып тынчытам.
Каракчы дейт мени билип кой,
Аябайм сендей жаманды.
Куйруктуу баккан койлоруң,
Тынчытат менин санаамды.

Кай жерде болсо тонoймун,
Жетпейт го көптүн бизге алы,
Бүттү дей бер өмүрүң,
Кудайың өзү буюрган.
Деп канжарын сууруду,
Алкымына созуп ойнотту,
Кызыл кекиртек дирилдеп,
Буулуп магдыр курутту.

Ошондо койчунун оюна,
Чоору келди заматта.
- Акыркы жолу чоорумду,
Тартайынчы каракчы.
Арманымды ичине,
Салайынчы каракчы.
Өлүм алдында сооп кыл,
Андан кийин өзүн бил.
Ырайымыңызды кылыңыз,
Бир жолу угуп көрүңүз,
Пайгамбарлар сыйлаган,
Падышалар таң калган,
Кадимки эле жыгачтан,
Кооздоп тарткан өнөрүм бар.
- деп койнунан чоорун,
Алууну ойлоп чамданды,
Кайратын топтоп жанданды.

Тике туруп, тик карап,
Тартты добуш ыргагын.
Таш-тоо шаңга бөлөнүп,
Булбул өңдүү ырларын.
Уксун Масти тезирээк,
Жараткандан сураймын.
Күүнүн мындай сырларын,
Ук, окуучум тыңшагын.

- Масти, Масти, Масти кыз,
Кабарды угуп басчы кыз.
Кырк каракчы басты кыз.
Койчунун колун байлады,
Бычагын мыктап кайрады.

- Масти, Масти, Масти кыз,
Кырк каракчы басты кыз.
Кабарды угуп басчы кыз,
Каракчы койду айдады.
Канжардын мизин кайрады.
Топтолгон койдун баарыны,
Караңгы зоого айдады.
Кең жайлоодо оттогон,
Семизин тандап жайлады.

Көк серкеңиз кысталак,
Көк зоону көздөй баштады.
Карасам серке жаныбар,
Кайкайып койду баштады.
Кара жол карай бет алып,
Каракчыны майлады.
Ак серкеңиз жаныбар,
Ак зоону карай баштады.
Айтсам серкең кысталак,
Кең жолду көздөй баштады.
Жардам сурайт койчуңуз,
Тезирээк камын көрүңүз.
Тартам чоорун бийиктеп,
Үнүн билгин иликтеп.
- деп тартканда чоорун,
Добушун укту Масти кыз.
Он бирдеги амалкөй,
Эстүү,  зирек билгич кыз.
Атасына кабарлап,
Айтты иштин жөн-жайын.

Акылы  жетпей баш тырмайт,
Кең пейилдүү ал байың.
Көпчүлүк элди жыйнады,
Алардан эч ой чыкпады.
Башын тырмап жалдырап,
Баары ойлуу карады.

Жайдары шок Масти кыз,
Таба койду айланы.
Көздөрү  жанып чырактай,
Атасына айтып турганы:
-Таптым ата бир айла,
Аттан току алтыны.
Тезектин күлүн толтуруп,
Алтооно  тең  арткыла.
Жети төөнү тең токуп,
Куржун көзү жык толсун.
Ар жери тешик бук болсун,
Чаңытып  мен чапканда,
Каракчылар  бир корксун.
Тенирим жалгап бул ишти,
Телегейи тегиз иш болсун.
Бата  бергин  атаке,
Оюмду  туура  алаарсың,
Андай амал кылбасак,
Малыңдан куру каласың.
Чарасын  азыр көрбөсөк,
Элимди тоноп албасын.
Акылыма ушул ой келип,
Уруксат сурап турамын.
Деп айтканда атасы,
Кызыл бетинен нур тамып,
Кубангандан жылмайып,
Бүркөлгөн кабак ачылып,
Күн нурундай чачылып,
Мастиге айтты шашылып.

-Тезирээк кызым чамдагын,
Койчуга бергин жардамың.
Кудайым жолун оңгорсун,
Кожою кыдыр колдосун.
Жараткан ишиң оңгорсун.
Пайгамбарлар колдосун.
Деп сакалын жайкалта,
Кыбыла тарап сыйынып,
Алакан жайып бата берди.

Жети төө, алты ат,
Токуду тезинен аттанды.
Куштай жеңил, тайга чак,
Канатын керген бүркүттөй,
Амалдуу кыз жөнөдү .
Чапты аттарды алкынтып,
Булуттай сызып чамынтып.
Жети жерден ар төөнүн,
Куржундан тешик ачылды.
Асманга учуп ак түтүн,
Бозоргон күл чачылды.
Алты жерден ар бир ат,
Куржунунан чаң чыгат.

Кароолдо турган душмандын,
Жигиттери кыйкырат.
-Каптап келди калың жоо,
Кетеличи тезирээк.
Ээси билип калды окшойт,
Капилеттен башыбыз,
Кетпесинчи алынып.
Миң кол болуп келетат,
Куугунчулар шашылып.
Деп коркушту каракчы,
Керт башынын аманын,
Ойлоп алар качышты.

Баатыр жүрөк Масти кыз,
Көрсөттү ушундай кызык иш.
Эл оозунда дагы эле,
Айтылып келет ушул иш.
Масти кыз деген сонун күү,
Чертилип жүрөт бүгүн да.
Айтылуу Лейлек жеринде.
Өрү-Дөн-Түз, Таш-Кыя,
Кош-Булактын элинде.
Даңкталып жүрөт Масти кыз,
Карыялардын эсинде.

Максат кылып алганмын,
Мен бул ырды баштаарда.
Масти кыздын эрдиги,
Үлгү болсун жаштарга.

Эл-жер үчүн аянбай,
Жанын үрөп шамдагай,
Чымырканган кыз-жигит,
Арабызда көп болсун.
Уламада айтылчу,
Окуялар мол болсун.

*2006-жыл.*

### *Туулган күн*

Туулган күнүң куттуу болсун ардагым,
Чың ден-соолук, ачык болсун асманың.
Күлкү жайнап жүзүңдө дайым кубаныч,
Бакыт каалап ыр дестемди сунамын.

Өмүр гүлүн жаркыратып дайыма,
Өркүндөсүн ишиң жылып алдыга.
Балалыктын туусун бийик көтөрүп,
Эне болуп , мээрим төгүп жаркыра.

Балаң өссүн элиң үчүн туулган,
Ата-эненин камкордугун туу кылган.
Үй-бүлөңдө бакыт нуру жаңырсын,
Таза сүйүү түбөлүккө орнотулган.

### *Тил майрамы*

Тил майрамы сайран болуп жергемде,
Ыр ырдалсын жүрөк толкуп эргиле.
Жаша кыргыз, өркүндөгүн күн сайын,
Дөөлөт болгон тил майрамын белгиле.
Кана эмесе ыр кечени баштайлы,
Сыр сандык деп бул оюнду атадык.
Көрсөткүнчү өнөрүңдү окуучум,
Тилим менен алга карай талпынып.

Эмгек менен билимиңди даңазалап,
Жашап жүргөн адамдар өлбөйт экен.
Эсиң болсо жолдошум китеп карма,
Жаман адат, кырсыктарга жазуу салба.
Тил байлыгы – эл байлыгы, бийик туусу,
Тилсиз жашоо кураган дарак сындуу.
Саясы жок, мөмөсүз сумсаят го,
Баласы жок көңүлкош адам сындуу.

Акыл менен даңазалап айткан бабам,
Баласагын Жусуп акын минтип айткан:
«Илим менен билимге көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды тили – деп бил»
Тил билсең, дил билесиң азиз тууган,
Тил коргоп канча баатыр өмүр кыйган.
Эли-жерин, тил намысын ыйык сактап,
Ата-бабам ар дайым тике турган.
«Эне тилдин алдында кыянаттык,
Карызыңды унутпай жүрө көргүн»
Деген Чыңгыз акылмандын сөзү накыл,
Тил кадырлап ширин доорду сүрө бергин.
Эне тилим – эне сүтүм ардагым,
Балдай ширин таттуусунан танбаймын.
Кыргызымдын тили кандай керемет,
Жүрөгүмдү сага гана арнаймын.
«Тил арстан босогоңдо комдонгон,
Бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон»
Деп айткан улуу акын Баласагын,
Сен окуучум, ушул сөздөн сабак алгын.

### ***Эне тил***

Таза жүрүп ак иштеп,
Жакшынын жолун жолдойлу.
Тил экен эртеңки келечек,
Заманам тилди коргойлу.

Атадан калган салт экен,
Тилибизди барктайлы.
Мураска өткөн пайдубал,
Дилибизди сактайлы.

Өзүнүн тилин сүйбөгөн,
Башкага дилин үндөгөн.
Кыргызмын десең арада,
Шылдыңдап сени күлбөйбү.

Эне  деп чыккан кызыл тил,
Тазалык  мээрим  төккөн дил.
Жүрөктөн   чыккан  кандагы,
 Булгабай досум жүрө бил.

Эне тилин   сүйлөөгө,
Өздүн  дилин билүүгө.
Чараларды көрөлү,
Эне тилде өсөлү.

Аты улук кыргыздын,
Атаң Манас бабаңдын.
Урпагына кесирлик,
Кылбагыла кыргызым.
Эне тилди кадырла,
Көзүң барда  улугуң.

Эне тилде так сүйлөп,
Бабанын сөзүн угалы.
Келечекке  кең карап,
Өмүрдү көккө буралы.

***Бий***

Бийле, бийле,  канат жайып талпынып,
Көңүлүңдү куунак жана шат кылып.
Кел, келе кой,  бийлейличи  баарыбыз,
Музыкадан өмүргө  бал тамызып.

***Ыр***

Элдик ырлар жашай  берет түбөлүккө,
Өмүр суусун кыргызымдын бир кечкен.
Ырларыма кан- жанымдан жаралган,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн орун берем.

### *Агама*

Атак-даңкка илгерилеп аброюң,
Бар болуңуз, көп жашаңыз дагы да.
Куттуу болсун элүү жылдык ак тоюң,
Эмгектенип эл ичинде бар болгун.

Эр ортону элүү жашка толдуңуз,
Эми гана башталды го тоюңуз.
Дайым биздин бактыбызга агажан,
Бекем-бекем ден-соолукта болуңуз.

Жайбаракат басып келип жумуштан,
Элпектенген мүнөзүмдөн айланам.,
Аркалаган таянычым абакем,
Дем-күч болуп жашай бериң ар дайым.

### *Мугалимге*

Эмне десем мугалимге сөз жетпеген,
Талыкпай эмгектенип акыл берген.
Сабактарда сөздөрдү, мисалдарды,
Окутуп, тарбияны талбай берген.

Билим берген эмгегиңди унутпаймын,
Эл ичинде кадырлуу эжей-агайым.
Бар болгула, эсен болуп бактыбызга,
Бүгүнкү майрам менен куттуктаймын.

Мугалимдик – ыйык кесип чындыгында,
Ардактуу да, сыймыктуу да, бактылуу да.
Ошондуктан бул кесипти тандаганмын,
Максат менен үмүт кылып өз жолума.

Мугалимден ар бир адам билим алат.
Көзүн ачып келечекке канат кагат.

Илимпоздор, акындар, депутаттар,
Мугалимдин колунан өсүп чыгат.

Мугалимдер – адамзаттын устаты,
Каалайт алар жалаң гана жакшылыкты.
Мугалимдер – түгөнбөгөн тунук булак,
Мөмөлөрү бышып турган бийик дарак.

Мугалим караңгыда жарык чырак,
Аябастан акылың, күчүн арнап.
Жаш муунга тарбия, билим берет,
Куттуктаймын аларды ырды курап.

Куттуктаймын баарыңарды майрам менен,
Бүгүнкү шаан-шөкөт сайран менен.
Бул ырымды жүрөгүмдөн мугалимге,
Жакшылыкты каалоо менен арнап берем.

### ***Мугалим***

Алты жаштан талпынтып,
"А" тамгасын тааныткан.
Жол көрсөтүп ааламга,
Билим берген мугалим.
Тазалык, абийир, айкөлдүк,
Дилин берген мугалим.
Үйрөтүп ар түр элдердин,
Тилин берген мугалим.
Ынтымак, ырыс, жылуулук,
Нурун берген мугалим.

Тарбия, акыл-насаат,
Нугун берген мугалим.
Булбулдай мукам сайратып,
Ырын берген мугалим.
Ааламды гүлгө орогон,

Сырын берген мугалим.
Мээрим чачып жылдыздай,
Ардактуу агай-эжейим.
Мугалимдер ордосу,
Жашай бер, улуу мектебим.

### *Аталар*

Бул жашоого жарыктык,
Нурун берген аталар.
Тарбиялап өстүрүп,
Жанын берген аталар.
Ысык –суук дебестен,
Чыдаган да аталар,
Бала үчүн бар күчүн ,
Жумшаганда аталар.
Чокко салса эрибей,
Эрктүү болгон аталар.
Бала үчүн жаралган,
Мурас болгон аталар.

Балапаным сен же деп,
Нанын берген аталар.
Камсыз кылып жок жерден,
Баарын берген аталар.

Өмүр бою карызбыз,
Эмгегиңе аталар.
Угуп сенин сөзүңдү,
Биз жашайбыз аталар.

Эркин болгон замандын,
Туткасы да аталар.
Жарык дүйнө жашоо нуру,
Бар болгула аталар.

***Ардагер***

Бүткүл аалам дүйнөнүн,
Сакчысысың, демисиң.
Куттуу болсун ардагер,
Жетимиш жылдык женишиң.
Кылымдан кылым өчпөскө,
Эрдик берген ардагер.
Ата журт үчүн күрөшүп,
Күчүн берген ардагер.
Өмүр гүлүн гүлдөтүп,
Элдин эркин сактаган.
Кан төгүшүп кыргында,
Мекенге жанын сарптаган.
Эртеңки күн, биз үчүн,
Күч-кубатын арнаган.
Дүйнө жүзүн таңдантып,
Жеңиш берген ардагер.
Гүл жайнатып дүйнөгө,
Тынчтык берген ардагер.

Орден, медаль тагынып,
Кайтып келген ардагер.
Бүгүнкү жаркын жашоону,
Жаратып берген ардагер.
Каалаганым баарына,
Узун өмүр сүргүлө.
Өзүңөр берген тынчтыктын,
Озуруну көргүлө.

### *Раззак уулуна*

Кыргызга тегиз туулган,
Талантуу инсан Раззаков.
Элүүнчү   жылдарда,
Москвадан суратып,
Кулунду менен Аркага,
Суу каналын каздырган.
Козу-Баглан суусуну,
Чон каналга бурдурган.

Сүлүктүнү унутпай,
Төө-Жайлоонун суусуну,
Бизге ашырып берген го.
Алчаң-алчаң жүгүртүп,
Аргымак оозун керген го.
Эмгекчил дыйкан элине,
Айрыкча көңүл берген го.

Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктүн оозун керген го,
Камын ойлоп  кен казган,
Калкына көңүл берген го.
Атадан артык туулган,
Энеден эркин жаралган.
Ыраазы бол кыргыз эл,
Раззаковдой уулдан.

.

### *Сөз тийгизбе жериме*

Автобуста  бир  маршрутта бара жатып,
Урмат  курсташ экөөбүз жолугуштук.
Көңүл  жубатып, алалы деп сырдашып,
Жайбаракат басып калдык жупташып.

Өткөн турмуш, келер чакты баяндап,
Көпкө бастык убакытты аябай.
Калтырдың го көңүлүмдү өзүңдөн,
Сен жамандап шаарымды аябай.

«Жолу чаңдуу, көрүнүшү супсак» - дедиң,
«Жыты жаман буруксуган сасык» - дедиң,
Тоотпогон сөздөрүңдөн баамдадым,
Унутупсуң, турпагы алтын туулган жердин.

Какшыктап, түшүнүп ал дегенсидиң,
Жериң эмес, өзүң сасык, өзүң супсак.
Жүрөгүмө канжар сайып жаралаба,
Сөз тийгизбе, туулган жерди, жамандаба.

### ***Жардам күтөт шайлоочуң***

*Депутат Аскар Шадиевге*

Саламатсызбы, Аскар ага,
Салам жолдойт жердешиң.
Күч-кубаттуу жүрөсүңбү,
Ийгиликтүүбү иштериң.

Чоң үмүт менен жазамын,
Жардам бериң ага деп.
Көп жолу ишенич артабыз,
Жардам берсе жакшы кеп.

Гимназия – мектепте,
Мугалим болуп иштеймин.
Көрүп койсоң жакшы болмок,
Кандай абалда экенин.

Тамчы өтөт чыкылдап,
Жамгыр жаап баштаса.

Техничканы сүйүнтөмүн,
Суулар толсо чакага.

Жалаң кабат терезелер,
Араң чыдайт шамалга.
Курсак тойсо, кийимге жок,
Аз гана тийген маяна.

Кыш, күз, эрте жазында,
Суук өтөт тамандан .
Ооруп жүрөт баарында,
Бөйрөк, боор, ашказан.

Окуу китеп жетишпейт,
Көркөм китеп такыр жок.
Бай, чоңдордун балдары,
Муну менен иши жок.

Бей-бечара, кембагал,
Билбейт кимге бararын.
Балдары үчүн жалдырап,
Кимден жардам аларын.

Ошентсе да эр жүрөк,
Мугалимдерге ырахмат.
Иштеп жүрөт кыйналып,
Балдар үчүн түйшөлүп.

Шайлап алган депутат,
Бир күн келип көрөр деп.
Үмүтүбүз өтө чоң,
Аябай жардам берер деп.

### *8-март майрамыңар кут болсун*

Жазгы гүлдөй бажырая ачылып,
Келечектин кең койнуну балкытып.
Бар болгула, дайым жарык жүзүңөр,
Күн нурундай жаздын жытын чачылтып.

Куттуу болсун эже-сиңди курдаштар,
Жаркыраган 8-мартыңар.
Жаздай сүйкүм мээрим берип ааламга,
Өсө берсин “эне” ыйык атыңар.

Атыр жыттуу буруксуган назиктик,
Боорукерлик, сылыктык да жароокер.
Силерсиңер өмүр жашоо булагы,
Мүрөк суудай узун өмүр жашай бер.

Каалап кетем ажырагыс биримдик,
Ишиңерге албан-албан ийгилик.
Чексиз бакыт, ыйман жана ырыскы,
Турмушуңда дайым алга жылышты.

Майрам алды мен силерге каалары͏м,
Чың ден соолук ачык болсун асманың.
Күлкү жайнап жүзүңөрдөн кубаныч,
Бакыт каалап ырдестемди сунамын.

### *Энеме*

Алты аяктуу жуп сырга,
Такканында жарашкан.
Алтындан комуз ышкыртып,
Какканында жарашкан.
Жибек ийрип созултуп,
Тартканында жарашкан.
Алтындан айнек нур жүздүк,
Колдоруна жарашкан.

Ашыкча элден көрүнгөн ,
Эне сени сагындым.
Ою тунук мээримдүү,
Сөздөрүңдү сагындым.
Ары сырдуу көгүлжүм,
Көздөрүңдү сагындым.

Май кошулган, буудай ун,
Патириңди сагындым.
Курак курап жип ийрип ,
Отурганда айтылган,
Акылга мол насаатың,
Кантип эне унутам.
Бак ичинде эрте -кеч,
Эмгектенип тынбаган.
Көңүлү таза намыскөй,
Энекем эстеп өзүңдү.
Сагынычтуу ыр жазам,
Айланайын күйөрүм ,
Жолду карап күтөрүм.
Сагынып сага жете албай,
Санаага батып жүрөмүн.
Сырдашым кымбат жакыным,
Жете албай сага сыздаймын.
Көрө албай эне жүзүңдү,
Түгөнбөйт менин муң кайгым.
Келбес жакка кеткенсиң,
Амалым жок куураймын.
Көбүктөнгөн булуттай,
Карааныңа кагылам.
Түк уга албай үнүңдү,
Түтөп сени сагынам.
Ордуң бошоп үйүңдө,
Сүрөтүн турат илинип.
Өзүң таппай күйүнөм,
Жүрөгүм шала тилинип.

Алар мээнет койбоду,
Кара жер да тойбоду.
Чырмаган мээнет койбоду,
Чымдуу жер да тойбоду.
Арачы шыпаа болбоду,
Таш боор ажал койбоду.
Ач ажал жетип келгенде,
Арачы боло албадым.
Оорукчан энем калсын деп,
Ордуна кете албадым.
Жер тытмалап чыңырып,
Апакемден айрылдым .
Асман түшүп , тоо кулап,
Жетим калып кайгырдым.
Энесинен ажырап,
Эч ким сыздап калбасын.
Энесин жоктоп ыйлоону,
Эч башына салбасын.
Тагдырымдын буйругу,
Магдырымды курутту.
Куран окуп, кудайдан,
Жаным энем жаннаттан,
Жай алышын тилеймин.
Жан энемдин алдына ,
Качан барам билбеймин.

***Энелерди сыйлайлы***

Эне деген эң ыйык зат атыңар,
Аны сыйлап даңктаганга акым бар.
Эгер сенин энең болсо ардактуу,
Эл сыйлаган атың бийик наркың бар.
Жылуулуктун мээримине бөлөнтүп,
Багбан болуп өз багына кам көргөн.
Канатына канат улап учурган,
Мөмөсүнөн мээр жакшылык көп күткөн.
Эмгегине эч нерсе тең келе алгыс,

Эне кымбат, эне аруу бир бүткөн.
Эсиң болсо, энеңди күт урматта,
Эне баккан, кем болбойт го дүйнөдөн.
Таман асты бейиш куту көрүнгөн,
Ой санаасы баласына бөлүнгөн.
Оо адамдар , энелерди ак булуттун,
Акак нурдуу ай нуруна көтөргүн.
Ата-эне баарыбызга канимет,
Анын ардак, анын алтын сөздөрү.
Суранаарым мээримиңди аяба,
Тирүүңдө сыйлап, барктап өтөлү.
Майрамыңар куттуу болсун энелер,
Силер бакыт, ыйман жана ырыскы.
Бактыбызга бар болгула дайыма,
Мамлекеттин уюткусу, жылдызы.

### *Сыйлаганга акым бар*

Оо, энелер, аппак жоолук салынган,
Аалам үчүн Ала-Тоодой жаралган.
Силерсиңер жашоо деңиз чалкыган,
Бала сүйүп адамзатты жараткан.

Жашоонун тиреги, бар болгула, аялдар.
Гүлдү төшөп алдыңарга, сыйлаганга акым бар.

Силерсиңер бул дүйнөнүн жарыгы,
Нурун чачкан шоола болуп агылып.
Өпкүм келет тамыныңдан кучактап,
Ар бир баскан кадамыңа сыйынып.

***Апаке***

*(балдар үчүн)*

Апам менин ардагым,
Бактым дагы таалайым.
Ден-соолукта жүрүңүз,
Узун өмүр каалаймын.

Гүлдөй таза назиктик,
Менин апам супсулуу.
Айга теңеп койсом да.
Күндөн дагы жыпжылуу.

Мээрим төгүп дайыма,
Бактыбызга бар болуң.
Үйдүн куту апаке,
Майрамыңыз кут болсун.

Жарык дүйнө шамын берген,
Арнаймын апам сага.
Чоңойттуң азап менен,
Мээримиң төгүп мага.

Бар болуңуз жанымда,
Күч-кубат берип мага.
Ырысым жаным энем,
Карызмын дайым сага.

***Тирүүлүктүн жарыгы***

Табигат кандай сонун, кандай ырахат,
Таза аба көңүлүңдү серпип ачат.
Кубанам жарыктыкка шүгүр кылып,
Ай, күндүн шооласынан алам кубат.
Жаз жыты , буруксуган атыр жыты,
Булбул үнү кубулжутуп сонун күүнү.
Тоолорум сырдуу карап күңгүрөнөт,

Жүрөккө толуп турган муңдуу ырды.
Ансайын жүрөк ооруп кысыламын,
Айласын таба албай жыгыламын.
А, бирок жаратканга тобо кылып,
Тирүүлүктүн жарыгына умтуламын.

### *Эч качан адам оорубасын*

Эч качан адам оорубасын,
Алсырап жан-дили кыйналбасын.
Жаратып жашоого өмүр берген,
Жалгыз өзү теңирим асырасын.
Эч качан ата-эне оорубасын,
Жалдырап балдар кыйналбасын.
Балдары үчүн күч-кубат аска болгон,
Ата-эне эч качан оорубасын.
Эч кимдин балдары оорубасын,
Жаны күйүп ата-эне ыйлабасын.
Туугандар эртели-кеч азап тартып,
Адамдарды жараткан кыйнабасын.

Эч качан адамдар оорубасын**.**

### *Кош бол, окуучум*

Күндөр өтүп тез заматта арадан,
Кез да келди бүгүн силер самаган.
Кош канатың каккылап сапар тартып,
Учасыңар турмушка алга карай.
Кош бол менин окуучум, асылдарым,
Тилекке жет, максатыңды боосун кармай.
Бирге жүрүп ырдаштык, сырдаштык да,
Кээ күндөрү ачууланып, ыйлаштык да.
Жети жылы тарбиялап бирге жүрдүм,
Ажырашуу кыйын болуп турат мага.

Толкунданып жетине албай турам бүгүн,
Чымырканып бакыт тилейм баарыңарга.
Сабырдуу бол, намыстуу бол ардагым,
Билимдүүнү, өнөрлүүнү жандагын.
Жакшылардын жакасынан бек кармап,
Жакшы жолду, улуу жолду тандагын.
Ийгиликтер коштоп жүрсүн силерди,
Мен силерге ак жол каалап турамын.
Он жыл өтсө кайрадан жолугушуп,
Өткөрөлү бүгүнкүдөй майрамды.
Кайда жүрсөң аман- эсен эл үчүн,
Тилеп жүрөм, берип турам батамды.

### ***Окуучулук күндөр ай!***

Жаштык кезиң өтүп барат күн санап,
Байкап көрчү сен өзүңө бир карап.
Бир өзүңө өчпөс элес калтырып,
Окуучулук күндөр өтүп баратат.
Эстен кетпейт курбулардын күлкүсү,
Ак мектебим өмүрүмдүн күзгүсү.
Ушул күндөр түбөлүккө калчудай,
Балалыктын кубанычтуу шок күнү.
Өткөн кезиң эч убакта кайта келбес,
Табият ченеп берген эч кебелбес.
Достошуп, кадырлашып биз баарыбыз,
Ойноп-күлгөн, кол кармашкан жаркын элес.
Мына эми күндөр өтүп баратат,
Улам жаңы элестерди жаратат.
Карап койчу бир кылчайып артыңды,
Окуучулук күндөр өтүп баратат.

### *Раззаковго*

Кыргызга чыгаан уул жаралыптыр,
Кетпес дөөлөт, кең береке кадалыптыр .
Куттуу жерге төгүлүп жарык жылдыз,
Жараткан Исхактай уул бизге арнаптыр.

Сенин үлгүң бизге өрнөк күч болду,
Сенин сөзүң бизге өнөр тил болду.
Сенин жолун үлгү болуп кыргызга,
Түбөлүккө желбиреген туу болду.

Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктүн оозун керген го.
Күйүп-бышып элим деп,
Калкына көңүл берген го.

Арбагыңа сыйынып таазим кылып,
Жүрөт журтуң куран окуп сени эстеп.
Колдой жүргүн өзүн билген кыргызымды,
Сыймык кылар Лейлегимдин бир кулуну.

Белгилейбиз жылда эскерип маарекесин,
Исхак атам атын атап сыйынамын.
Эмгегиңди өлбөс кылып жаратыпсыз,
Бийик тутуп, сыймыктанып умтуламын.

### *Жолугушууга жүргүлө*

- Раззаков келиптир, Поронзодон,

- Раззактын баласын көрүп сөзүн угуп келели. *(кары жашы жөнөшөт).*

-Урматтуу жолдоштор, мен кыргыздын атуулумун, кыргыздын келечеги мени ойлонтот, түйшүккө салат, сен ак болсон, мен ак болсом, коом да таза болот деген оюма кошуласыздарбы?

- Ээ бали, уулум чыныгы инсан экенсиң. Кана эми кыргыздын жигиттери баары ушундай болсо.

- Айланайын кулунум, туура айтып жатасың.

- Рахмат жердештерим, ага-ини туугандарым иштен качкан адам идирексиз адам. Өлбөй калуунун жолу бир гана эмгек. Инабаттуу өмүр сүрөм десең иштен тажаба. Намыстуу болсоңуздар жеңишиңер арбын болот. Эмгек гана адамды бакытка жеткирет. Коом деген мени менен силер. Бай жашоого болот, бирок өрнөктүү жашоо кыйын. Мен кандай иштедим, кандай эмгек кылдым эл калыс. Кадрлардын ишин контролго алып, аларга жардам көрсөтүү адамдык парз. Тапшырылган ишти, кызматты аткара албаган кадрларга келишүүчүлүк, либералдуулук менен мамиле кылуу, аларды бир орундан башка орунга которуу өтө зыяндуу. Өз кесиби, тармагы боюнча билимин жана жөндөмүн жогорулатуу бүгүнкү күндүн талабы. Бирөөнүн күчтүүлүгүнөн коркпо, өзүңдүн чабалдыгыңдан корк. Жалкоолор эки өлүшөт: бири уктап, бири чындап. Жакшы адам болсоң да өзүңө, жаман болсоң өзүңө, бирок жаман болсоң зыяның элге тиет. Китепти акылдуу адамдар жаратат. Китеп окууга, адеп-ахлакты балдарыбызга үйрөтөлү. Тилибизди, маданиятыбызды өстүрөлү, туугандар... *(кол чабуулар)*

-Азаматсың, балам. Кулунду каналын чыгарып, элдин турмушун оңолттун, кардыбыз нанга, үстүбүз кийимге бүтөлдү, келечекте адистерди даярдап жатасың. Бул да сенин даанышмандыгын, көрөгөч болгонуңа жаратканга ыраазыбыз.

-Бали балам, биздин бактыбызга бар бол, оомийин, эл үчүн кам көргөн Исхактай уулдарыбыз көп болсун. Келечегибиз кең болсун.

## *Чогулуш*

Февралдын ызгаар бир күнүндө,
Илег-илег назымдары чогулдук.
Сандалга бутту салып олтурабыз,
Сезимдеги ырларга көңүл коюп.

Ырлар болсо суукту да тоотпой,
Куштай эргип канатыбыз талпынат.
Ар бир илег назымдары башкача,
Көздөрүнөн ай, жылдыздуу нур тамат.

## *Жаз келсе*

Күн ачылып жаз келсе,
Жер жарылып гүл чыгат.
Эмгек менен жашаган,
Эгин эгип жашарат.
Уйку менен жашаган,
Ырыскысы кыскарат.

Аракетчил адамдын ,
Көңүлү ачык шат болот.
Жалкоо адам курусун,
Көңүлү суз пас болот.

Эмгекчил төгүп терини,
Жан дилинен берилет.
Идирексиз шылтак таап,
Кол көтөрүп керилет.

### ***Кыздарым***

Оюу тунук таптаза,
Сөзгө чечен такмаза.
Кызгалдактай буралган,
Ийкемдүү менин кыздарым.
Сөз сүйлөсөң тыңшаган,
Назик сезим курчаган.
Күндөн –күнгө узарган,
Жибек чачы буралган,
Менин сулуу кыздарым.
Ак куу сымал керилген,
Окууга дайым берилген.
Келечекте көп нерсе,
Күтөмүн го силерден.
Сылык дайым боорукер,
Эмгек сүйгөн жароокер.
Болгула дайым алдыда,
Менин сүйгөн кыздарым.

### ***Түшүмө кирдиң энеке***

Эне мени колдогонун билемин,
Бир иш болсо аян берет элесиң.
Көкүрөктө өйүп жүргөн жаранын,
Сени көрсөм жанга кубат бересиң.

Ыйлайм эне көз жашымды тыя албай,
Кыйналамын өзүмдөн-өзүм жүдөймүн.
Билбейм эне мен эмнеге майышам,
Туталанып тоскоолдукка күйөмүн.

Оюмдагы таза , тунук иштерим,
Орундалбай кетип жатат коркомун.
Сен жанымда эмессин деп энеке,
Жылдызы жок караңгыга окшоймун.

Бет алдымда канча бийик ашуу бар,
Өзүң элең акыл берген кемерим.
Катаал кыйын иш түшкөндө башыма,
Бек тургун деп үйрөтчү элең кенешчим.

Билбейм эне, бүгүн неге толкундап,
Жүрөк байкуш дирилдеги басылбайт.
Көргүм келет кыдырып бүт ааламды ,
Бирок жетпей мен арманда каламбы.

### *Менин атам*

Менин атам жөпжөнөкөй жан эле,
Жүргөн жери бак-дарактуу жай эле.
Күлүк таптап, дасторконун жайнаткан,
Менин атам кармаганы мал эле.

Кетмен, күрөк шаймандарын түшүрбөй,
Чалгы чаап, орок оруп ийилбей.
Иштен коркпо, тишиң барда таш чайна,
Деген сөзү кулагымда бүгүндөй.

Ала-Тоом, мөл булагым, тирегим,
Сенин жолуң улап жашап келемин.
Бүгүн бар да, эртең жок тирүүлүк,
Түш экенин, өң экенин билбеймин.

Жарыктык таң нуруна бөлөнүп,
Ар бир адам жашайт экен максаттуу.
Ишенимин актаган бул жашоодо.
Атанын кызы болуу ардактуу.
Эненин кызы болуу кымбаттуу.



***Атакемдин санаты***

Ырда десең ырдайын,
Отургандар баарың ук.
Көптү көргөн карың ук,
Катта-кичик жалпың ук.
Канттан ширин сөзүм ук.
Байкесектей калың эл,
Кадыржан журтум өзүң ук.

Ырчымын деп өзүмдү,
Уялбай кантип мактайын.

Улардай мукам тилим бар,
Көкүрөктө жат болгон,
Уктагандай дилим бар .
Атырдын жыпар жыты бар,
Жылкынын тулпар буту бар.

Жакшы менен жамандын,
Асман менен кара жер,
Арасындай баркы бар,
Касамдын катуу шарты бар.
Бир кем жалган дүйнөдө,
Беперзент өткөн пенденин,
Асирет арман дарты бар.

Сааттын он беш ташы бар,
Сулуунун кара кашы бар.
Күлгөндө кошо жарашкан,
Берметтей аппак тиши бар.
Көргөндүн көзүн талдырган,
Уздардын көркөм иши бар.

Бактын бир таза гүлү бар,
Адырга чыккан гиянын,
Ар башка жыттуу түрү бар.
Кулактын курчун кандырган,
Ырчынын күлүк тили бар.

Арыктын катар талы бар,
Күлүктүн көркөм жалы бар.
Күйкөнүн кара көзү бар,
Акындын ширин сөзү бар.

Туссуз даам жеп болбос,
Жаманды жакшы деп болбос.
Молдону жакшы деп болбос,
Мусулман пенде перзентин,

Тозокко күйөр деп болбос,
Атайылап кырсыкты,
Башына үйөт деп болбос.

Жаман болсо алганың,
Бар өмүрүң өткөнчө,
Бейкоогалуу күн болбос.
Жакшы болсо алганың,
Ынтымак ырыс үйүңдө,
Көтөрүлгөн үн болбос.

Топтонуп жылдыз ай болбос,
Түлөбөй кулун тай болбос.
Түптөп кудай бербесе,
Тырышкан менен бай болбос.

Үйрөтпөй азоо ат болбос,
Окубай билим, кат болбос,
Эгемден амир болбосо,
Эр жигит элден жат болбос.

Туура көңүл суз болбос,
Ийри көңүл түз болбос.
Уяты тиет айтпаңар,
Ушактан жаман сөз болбос.

Сулууну сүйөр эр болбос,
Арстандан өткөн шер болбос.
Адамсыз абад жер болбос,
Баатыры жок эл болбос.

Берметтен кымбат таш болбос,
Карылар кайтып жаш болбос.
Алтын үйүлүп таш болбос,
Өлсө да напси эч тойбос,
Ажал жетип , күн бүтүп,
Өлмөйүнчө көз тойбос.

### *Элдик санналар*
*(элибиздин той-мааракелерде айтылуучу чечендиги)*

Бисмилла ирахман ирахим,
Оомийин, оомийин оң болсун.
Орто толгон той болсун,
Өмүрлөрү узун болсун ,
Жегендери жүзүм болсун.
Дасторкону нанга толсун,
Короосу малга толсун,
Казаны ашка толсун,
Үйлөрү башка толсун.
Көтөргүлө билекти,
Кудайым берсин тилекти.
Кетпес дөөлөт, береке,
Дасторкону кең болсун.
Ынтымак, ырыс –кешиктүү,
Жүздөрү жарык нур болсун.
Телегейи тегиз болуп,
Кожою кыдыр колдосун.
Ырыскыңар бекем болсун,
Баскандары шыдыр болсун,
Жолдоштору кыдыр болсун.
Таш кармаса алтын болсун,
Алтын башы аман болсун.
Жакшы менен жанашсын,
Жамандардан адашсын.
Уул үйлөп,  кыз берип,
Көшөгөсү  көгөрсүн.
Уул-кызы  көбөйүп,
Чуурулушуп   төрөлсүн.
Кудайым  жолун  оңорсун,
Жакшынын жолун жолдосун.

Бай-байбиче балы менен,
Карындары майы менен,
Кабылы перзенти менен,
Кетпес ырыскы дөөлөтү менен,
Карагаттай бүрдөсүн,
Калкынан уул үйлөсүн.
Эбелектей бүрдөсүн,
Элинен уул үйлөсүн.

Алтындан бешик ыргасын,
Алганы менен жыргасын.
Күмүштөн бешик ыргасын,
Күйөө менен жыргасын.
Кудайым өзү тана берсин,
Бага турган бала берсин,
Башына дөөлөт орносун.
Жылаңайлак баспасын,
Кыйынчылык тартпасын.

Оомин, Оомин оң болсун,
Кылгандары той болсун.
Сойгондору кой болсун,
Дасторкону мол болсун.

Карыларга ыйман берсин,
Жаштарга өмүр берсин.
Кайырың кабыл болсун,
Муратың асыл болсун.
Ниетиң туура болсун,
Жүрөгүң таза болсун.
Көптүн катарынан калбасын,
Баш ооруудан,
Чыр-балакеттен,
Алла өзү асырасын,
Алоохи акбар.

***Орок оргондо***
*(элдик ырлардан)*

Орок оруп боо байлап,
Ооруду менин билегим.
Он жашымдан бери жакка,
Оңолбойт менин тилегим.

Желбирек кийдим жеңи узун,
Жеңил баш болдум сен үчүн.
Жеңил баш болсом сен үчүн,
Асти үзбө менден үмүтүң.

Кур байладың белиме,
Курчадым бакмал белиме.
Куруп ай кеткен дүнүйө,
Жеткирбейт экен теңине.

Ак көйнөк кийсең чече жүр,
Алыста жүрсөң эсен жүр.
Көк көйнөк кийсең чече жүр,
Көрүнбөй кеттиң эсен жүр.

Ак көйнөгүм этеги ,
Элбир-делбир этеби.
Алыстагы курбума,
Дилгирем урсам жетеби.

### *Жайлоо ыры*

Эгизге чыктым эрмекке,
Эгиздин гүлүн термекке.
Эгиздин гүлү дары дейт,
Эргип бир турган жүрөккө.

Жайлоого чыктым эрмекке,
Жайлоонун гүлүн термекке.
Жайлоонун гүлү дары дейт,
Жараланган жүрөккө.

Жайлоону, жайлоо дейт экен,
Жайлоо жанды жейт экен.
Жетимиштеги кемпирлер,
Күбү бышам дейт экен.

Күбүнү бышып энеси,
Ооруду белим дейт экен.
Аны билбей балдары,
Сары май кана дейт экен.

Эгизден учкан жагалмай,
Жемини издейт табалбай.
Жаш кезиң өтөт турбайбы,
Кыраңдап соккон шамалдай.

Ал арык менен бул арык,
Карагат өсөт буралып.
Жаш өмүрдү өткөрбөй,
Кат алышып туралык.

Уларды бактык экөөлөп,
Уулду бактык бөпөлөп.
Урматтуу эне сен болгун,
Уулуңдун уулун жетелеп.

Кыргыек бактык экөөлөп,
Кыздарды бактык бөпөлөп.
Кымбаттуу эне сен болгун,
Кызыңдын кызын жетелеп.

Кызыл-Кыя, Бекабад,
Кыясы толо мал жатат.
Кыздарымды ойлосом,
Кыямат менен таң атат.

Окуган жериң орусча,
Ойлонбой кеттиң алыска.
Кагаз бар менде, канат жок,
Кайрылып учуп барышка.

Күн тийген жактар тептегиз,
Күнгөйгө баккан мал семиз.
Күлкүң болсо күлүп ал,
Күн сайын келбейт он сегиз.

Ак тийген жактар тептегиз,
Адырга баккан мал семиз.
Акылың болсо ойноп кал,
Ай сайын келбейт он сегиз.

Өтүгүмдүн өкчөсү,
Чоң шаардын көчөсү.
Жубайым билип калбасын,
Жашынып келдим кечеси.

Карала баркыт көрпөчөң,
Кайгырам сени көрбөсөм.
Кадырыңа жетейин,
Кара жатып өлбөсөм.

Чын баркыттан көрпөчөң,
Чыдабайм сени көрбөсөм.
Чын баркыңа жетейин,
Чын ажал жетип өлбөсөм.

Колуңда кара колпагың,
Кармалайсың, кийбейсиң.
Өз теңинди күсөйсүң,
Кадырымды билбейсиң.

Көл үстүндө пароход,
Чалкайганы чайкалат.
Жигиттин жакшы-жаманы,
Бир ооз сөздөн байкалат.

Эшикке салган кулптайсың,
Эшендер кийген сурптайсың.
Эл ичинде бир жүрүп,
Эстебей кантип уктайсың.

Кара үйгө салган кулптайсың,
Карылар кийген сурптайсың.
Калк ичинде бир жүрүп,
Кайрылбай кантип уктайсың.

### *Саламаттыкты сактоо жылына*

Саламаттыкты сактоо жарлыгы,
Жогорттон өкүм чыгарды.
Саламат болсун элим деп,
Түркүн кеңеш ой салды.
Жакшы болду деп билем,
Сак болуп жүрсө ар адам.
Коом да таза ак болот,
Күлкү, оюн, тамаша,
Көңүлү сергек шат болот.
Сак болсо биздин денебиз,
Ишке ашат ой-дилибиз.
Жашоого кызык демибиз,
Дүйнөнүн түркүн даамын,
Кызыгып татып билебиз.
Ушундай эркин замандын,
Арышын колдоп келебиз.
Чың ден-соолук бар болсо,
Ырахат алып жашоодон,
Адырдан гүл теребиз.

Биринчи байлык ден-соолук,
Ден-соолук үчүн кам көргөн.
Ак халат кийип жылмайып,
Күнү болгон дарыгер.
Дабаа болуп ооруугa,
Нуру болгон дарыгер.
Жылуулук жайнап жүзүндө,
Куту болгон дарыгер.

Чаңкап жаткан бейтапка,
Суусу болгон дарыгер.
Эмгек үчүн бел бууган,
Эли үчүн тик турган,
Өмүргө өмүр улаган,
Туусу болгон дарыгер.
Канча айтсаң арзыбайт,
Эмгеги күч дарыгер.

Азыркы заман нур заман
Эркиндик берген туу заман.
Ушундай жыргал заманда,
Наркомания деген дарт жаман,
XX кылым уу заты,
Айыкпаган чумасы.
Туберкулез, кант ооруусу,
Кыргызстанда көбөйдү.
Ушундай дарттан кыйласы,
Кыйналып жүрүп өлөбү.
Таза жүрүп туура иштеп,
Ооруну жиреп таштайлы.
Жакшы үмүт, ак тилек менен,
Жыргалдуу өмүр баштайлы.
Саламаттык жылына ,
Салымыбызды кошолу.

Тамеки менен арактты,
Бардыгыбыз таштайлы .
Дени сак, таза коомдо,
Бактылуу өмүр жашайлы.

***Котормолор***

***Расул Гамзатовдон***

Всей  душой не навижу  скупого,
Он гораздо противней касторки!
Я - не трезвенник, честное слово,
Но от  пьющих  людей не восторге.

Я  приветствую гордость  в мужчине,
Гордость женскую, гордость в страданье,
Но от тех , кто занесся  в  гордыне,
Я  держусь на большом расстоянье.

Аферист, спекулянт и хапуга,
Не надеется пусть на  поблажку,
Я   мечтаю  скрутить его туго,
Раздавить, как клопа, как букашку!

Ох особенно у молодежи,
Лень противна, двуличье...
                    Но  все же
Нету смертной вражды между нами-
Недостатки  имеем и сами!

***

Чын дилимден көргүм келбейт ач көздүктү,
Ал  ачуу, дарыдан да ал күчтүүрөөк.
Мен ичпейм ичимдикти, чынын айтам.
Сыйынбайм таазим кылып көбүрөөк.

Таштайм ураан чечкиндүүлүк, эрктүүлүккө,
Ар-намыстуу адамдыкка умтулууга.
Бирок өзүн өйдө сезген адамдардан,
Алыстаймын ыраак жүрөм өз жолумда.

Алдамчылар, чайкоолор, сараңдар көп,
Кечирилбейт алар эч бул дүйнөдө.
Мен самайм жолун бууп жок кылууну,
Ач кенедей, курттай кылып тепсеп бөлө.

Эх! Жаштардын арасында өкүнүчтүү,
Көп учурайт жалкоо менен эки жүздүү...
А, баары бир бирок кас жок,
Жетишпеген жагыбыз өзүбүзгө өзүбүз  чок.

### *Жаштыктагы кемчилик*

Айга  жакын  жарык чачып жанашып,
Караңгы  дарактын жогорку бутагында.
Жок  жерден  пайда болуп жанымда,
Жазылган  ушул ырлар жаштык чакта.

Аларды  мен  жолуктурдум кайгы менен,
Алар айтты, тармал чачтуу башын ийбей.
Сени биз кайгыдан алып чыгабыз,
Отургун жаныбызга,  жалындын жанында.

Өзүн-өзү сүйгөн,  сөздөрүн макулдап,
Баары бир ага,  эч ойлонбой жаза берет.
 Бирок билбейм,  наадан өспүрүм,
Өзүм менен жаралганбы бул жарыктыкка

Жооп  бердим жай  гана ачык түрдө:
-Силер мага жардам бере албайсыңар
Жолум  менин  туман болуп  капталып,
Чычалаган  караңгылык  орогон.

Өткөндү эми эскерүүнүн кажети жок,
Өткөн ишке өкүнбө! Өтүп кеткен  мезгилге.
Жашагыла адамдарга  көрүнбөй,
Кечир мени, жаратканым,
Жаштыгымдын күнөөсү!

***С. Острова***

***Адам - ал сезилбеген жаратылыш***

Человек он ведь тоже природа,
Он ведь тоже закат и восход.
И четыре в нем времени года,
И особый в нем музыки ход.

И особое таинство цвета,
То с жестоким, то с добрым огнем.
Человек - он зима или лето,
Или осень с грозой и дождем.

Все вместил в себя - версты и время,
И от атомных бурь он ослеп.
Человек - он и почва, и семья,
И сорняк среди поля и хлеб .

И какая в нем брезжит погода?
Сколько в нём одиночества? Встреч?
Человек - он ведь тоже природа -
Так давайте природу беречь!

***

Адамды да жаратылыш жараткан
Батып өмүр кайра чыгып чыгыштан.
Төрт мезгил бар экен го анда дагы,
Табигаттын музыкасын жанырткан.

Сырдуу ал жарыктын нурун берген,
Бир ачуулуу, бир сүйкүмдүү жалын менен.
Адам жаз, адам күз, кыш сыяктуу.
Жарк чагылган, себелеген жамгыр менен.

Өз ичине камтып бардык мезгилди,
Сак болгун атомдук бурганактан .
Адам - бул тамыр жана үй-бүлө,
Талаадагы тикенектей аралашкан.

Жалгыз өзү нечен жолу көрүшүп,
Азык берет, анда өзгөрөт аба-ырайы.
Адам - ал сезилбеген жаратылыш,
Аны сыйлап, тазалыкта жашайлы.

### *Мен жеткинчек баламын*

Мен жеткинчек баламын,
Билим алуу талабым.
Эринбестен ар дайым,
Ачам китеп барагын.

Биз балдарбыз ынтымактуу,
Бирдиктүү үй –бүлөбүз.
Бириктирген баарыбызды,
Мектебибизди сүйөбүз.

Келечекте алга умтулуп,
Үйрөнөмүн билемин.
Дүйнө кызык ажайып,
Талбай окуп келемин.

### *Айдин Шер*

Карагат көздүү, бал тилдүү,
Ширин бала Айдин Шер.
Кыргыз элин коргогон,
Боломун дейт азамат эр.

Сабактардан беш алган,
Ата- энени сыйлаган.
Шар-шар окуп китепти,
Үлгүлүү бала болом дейт.

Тартип бузбай мектепте,
Айткан сөздү угам дейт.
Чоңойгондо асманга,
Учкуч болуп барам дейт.

Үйдүн ичин толтуруп ,
Базар кылган садага.
Ар адамдын кубанычы,
Жарык берген бала да.

### ***Күмүшайга***

Көркөмдүү сулуу Күмүшай,
Беттери тунук аппак ай.
Тырышып зээндүү болом дейт,
Китепти окуйт такалбай.

Айтканды так аткарат,
Сөздөрдү угуп таң калат.
Чоң энесинин жомогу,
Тасмадай баян жаратат.

Кичинекей бөбөгүн,
Эркелетет кубантат.
Күндөн –күнгө Күмүшай
Гүлдөй өсүп баратат.

*2016-жыл январь*

### *Баланын тилеги*

Билим алып чонойсом,
Эр жүрөк баатыр боломун.
Жакшылык ишти көп жасап,
Өчпөс бир атка removeомун.

Кооз жердин сыймыгына жарашкан,
Уул болом эр намыстуу аталган.
Согуш деген жаман нерсе кесепет,
Болбосун да көрсөтпөсүн жараткан.

Курал кармап жоокер болуп сактаган,
Кыргызымдын атын бийик жар салам.
Өркүндөй бер, өсө бергин кылымга,
Кыргызстаным сени менен мактанам.

Жашай бергин кылымдарга дүңгүрөп,
Атын бийик алыстарга дүркүрөп.
Манас бабам ураанын баштаган,
Мен уулумун кыргызымдын эр жүрөк.

Бакай ,Манас, Алмамбетти , Чубагын,
Тарыхтарын окуп карап тытамын.
Сыймыктанып Барсбек , Чынгыз атамдын,
Жолдорунан үлгү алган баламын.

***23-февраль Ата Мекенди коргоо күнү***

Үй-бүлөнүн башчысы,
Мамлекеттин тиреги.
Сактап турган дүйнөнү,
Эр жигит деп билели.

Оор иштин баарына,
Чыдап берген жигиттер.
Элди коргоп душмандан,
Коргоп келген жигиттер.

Ала-Тоодой эмгекти,
Жараткан да жигиттер.
Жарыкчылык жашоонун,
Маңызы да жигиттер.

Жок жерден таап бар кылган,
Эл үчүн бели буулган.
Бар болгула жигиттер,
Атыңар бийик туу туткан.

Күн-түн дебей эл үчүн,
Өлкөбүзгө күч берген.
Мекенди коргоп кызматта,
Өмүрдү улап нур берген.
Жарыктык жашоо ыргагын,
Эгер билсең ким берген?
Мунун баары эр жүрөк,
Мекен сакчысы деп келген.

Чокко салса эрибей,
Баатыр болгон мырзалар.
Мекенибиздин бактына,
Бар болгула мырзалар.

## ***Төкмө акындар менен жолугушуу***

Саламатсыздарбы туугандар,
Сахнага карап тургандар.
Кантип ырдайт экен деп,
Көңүлүн мага бургандар.

Саламдашуу салт экен,
Салттуу кыргыз калкымда.
Кайрылып салам беремин,
Мында отурган жалпыңа.

Ат арытып жол келген,
Атактуу төкмө аталган.
Тынчтыкбек деген балага.
Эсенби жалпы калайык,
Эсендешип алалык.

Шайыры болбой эл болбойт,
Шагылы болбой зоо болбойт,
Тарыхы болбой эл болбойт,
Тамыры болбой гүл болбойт.

Акындар ырдап үн салса,
Ак тулаң жылкы төрдө ойнойт.
Жыйылып келген калайык,
Силерсиз кандай той болмок

Ала-Тоолук акындар,
Албан-албан ырчы бар.
Кара кендүү шаарга,
Кош келипсиң акындар.

Кош-Булак деген айылга,
Кадыр менен келдиңер.

Кабар берип баарына,
Күнчүлүк жерден чаалыгып,
Келгендерим аманбы.

Ыйман жолго чакырып,
Акылдуу сөздү бек айтып.
Жакшылык нурун жайнаткан,
Берендерим аманбы….

Жаш болсонор да алгалап,
Жашагандар аманбы..
Көрүп турган ага-ини,
Тууганадарым аманбы.

Төкмө акындар келди деп,
Учуп сызып жөнөдүм.
Алдына келсең бир адам,
Жамгырдай төкчү өнөрүң.
Кыргыздын сөзү жагымдуу,
Ырда акыным көрөйүн.

Тарых маданият жылында,
Жакшы иш болуп жатат го.
Ажобуз баштап жакшы иштн,
Элине пайда келтирди.
Тарых, маданият жылы деп,
Көтөрдү бийик тепкичти.

Көрүнбөгөн көрүнүп,
Тарыхый мурас жанданды.
Таланттар жайнап жергемде,
Өнөрүн коюп кубанды.
Баалуулук асыл дөөлөттөр,
Илимде жакшы билинди.
Аракет менен көп адам,

Кыбырап тартты тизгинди.
Көчмөндөр оюну кыргызда,
Дүйнөгө аты таанылды.

Алардын ичинде мен да бар,
Ыр жазам кээде чиймелеп,
Тартуулап турам саптарын,
Окугун катасын иликтеп.
Жараткандан сураймын,
Учсам экен бийиктеп.

Кош-Булакка акындар,
Жан дүйнөсү жарыктар,
Келип сабак бергени,
Бизге өрнөк күч болот.
Келечекке талпынтып,
Жүрөктөргө нур толот.

Ыйман жолун баштаган,
Агаларды урматтап ,
Алакан чаап койгула.
Өнөрүңөр ташкындап,
Аман –эсен болгула.
Заманыбыз тынч болсун,
Ушундай иштер көп болсун.

*17-май 2016-ж.*

### ***Юнусов Омурзак Мариповичге***

Эмгеги синип кыйладан,
Эл, журту кошо сыйлаган.
Мээнеттен дөөлөт жасаган,
Мандай тер менен жашаган.
Атын уксаң адамдын,
Жан дүйнөсү кубанган.

Жакшылык менен сооп иш,
Улуу, кичүүгө арнаган,
Омурзак агам бар болсун.

Шахта ачып, көп адамды колдогон,
Ата уулу эл жашоосун оңдогон.
Мына бүгүн дагы мыкты иш баштап,
Кудайым өзү жакшы ишти жылоологон.
«Мыкты өндүрүш» наамын алганы,
Баарыны эле белгилүү,
Жакшыны жандап бата алган,
Омурзак ажы дайым байгелүү.

Илгерилеп кадамдары баскан сайын,
Жарык шоола нурлары чачырасын,
Теңирим жалгап ар бир ишин,
Бийиктикке жетип туусу жаркырасын,
Зоболосу жогору көтөрүлүп,
Аты угулуп далайга алгаласын!

Жүзүнүз жарык, ден-соолугуң чың болсун,
Жакшы жашап, заманыбыз тынч болсун!
«Марипов» атындагы шахтынын,
10 жылдык маарекеси кут болсун.

### *Телефондогу сезимдер*

Кайдан чыккан бурганактуу шамалдай,
Үнү чыкты телефондун зыңылдап.
Ала койсом жагымдуу үн жигиттин,
Таанышалы атынды айтчы деп сурайт.

Сөздөрүнү уккан сайын магдырап,
Көшүлөмүн жибип жүрөк кылдары.
Ак сүйүүнүн тамчыларын тамызган,
Жазгы гүлдүн жыттарындай арбады.

Шынгырап үнү чыкса телефондун,
Албырып жүзүм жарык кубанамын.
Түбөлүк сени менен бир болчудай,
Ойлой берем кыял менен убарамын.

Көргөн жокмун элесиңди бир да жолу,
Кызык жүрөк бир өзүңө тартып алды.
Танды-кеч ойлой берип мажнун болуп,
Кыз байкуштун сүйүү дарты ичте калды.

Канат кагып бүркүт болуп шаңшыган,
Бийиктиктин эркин укмуш ыргагы.
Көпөлөктөй учуп-конуп үмүттөр,
Кандай бакыт жаштык кездин жылдары.

### *Ыр жаза албай кусаланам*

Көптөн бери ыр жазалбай ныксыраймын,
Көңүл чөгүп бул жашоого кызыкпаймын.
Мен өзүмө негедир түшүнө албай,
Унчукпаймын, унчукпаймын,унчукпаймын.

Кусаланам, ыр жаза албай кусаланам,
Ишим оңбой, мен өзүмчө буйдаланам.
Сөздөр качат саптарга тизе албаймын,
Бул эмнеси? Коркомун түшүнө албайм...

### *Кыш келди*

Кыш да келди ажарланып жамына,
Айлананы каптап аппак карына.
Кубанамын жааган сайын ак карым,
Биз күттүк го сени абдан сагына.

Сен келгенде дүйнө жаңырып,
Жаңы жыл келет шаттанып.
Биз ойнойбуз , бийлейбиз,
Майрам тосуп каткырып.

Коньки, лыжа, чаналарды сүйрөшүп,
Кубалашып биз тоолорго чыгабыз.
Жаай бергин аппак карым себелеп,
Сүйүнөбүз токчулук деп ырдайбыз .

### ***Чыңгыз Айтматовго***

Турмуштун оор запкысын,
Өз башынан кечирди.
Энеси татар кызы Нагима,
Билбегенди билгизди.
Катчы болуп жашынан,
Элге кызмат кылганы.
Чоңдор менен таймашып,
Эмгектенип жашады.
Чон энеси Айымхан,
Эне тилди барктаган.
Жомоктор менен сыйкырдап,
Небересин таптаган.
Анын кызы Карагыз,
Акылдуу да сымбаттуу.
Ар бир сөзү жугумдуу,
Тарбиялуу, намыстуу.
Жети атасын сурасаң,
Өз атасы Төрөкул.
Чон атасы Айтмат,
Бабасы болот Кимбилди,
Бубасы болот Кончужок
Кубары экен Кудайназар,
Жотосу келет Шекерге,

Жетеси болуп Төнтөгөр, Байтик,
Түпкү теги Түлкү мырза болгон экен.
Окуганды ойлонткон,
Чыгармасы заманбап.
Тан калтырган жер шарын,
Колундагы калем сап.
“Кыяматын” окусаң,
Авдийдей инсан көп болсун.
Исадайды күнөөлөп,
Пейли жаман оңбосун.
Акылмандык жолдору,
Кайдыгерлик жектеди.
Руху жаман адамдан,
Актык бекер тепселди.
Чыгарманы окусак,
Базарбайдай ыпылас,
Барбы биздин арада,
Оюбузду бир бурсак,
Бостондой болуп ак иштеп,
Жакшылык менен бир турсак.
Акбара боздоп ыйлабай,
Жашообуз болсун сүттөн ак.
Бул кайчылаш жашоодо,
Кылымга тете бир күн бар.
Ата-тегин билбеген,
Ар кимдин сөзүн сүйлөгөн,
Аз бекен азыр маңкурттар.
Чынгыз ата жылында,
Кайрылам калың журтума.
Гулсаранын таскагын,
Кылымдап муундар угушса,
Асел менен Жамийла,
Ала-Тоонун башында,
Жоолугун булгап турушса,
Ала-Дөбөт алыста,
Көрсөтүп жолду урпакка,

Калтырып турса көп нуска.
Ак кемеде атындай,
Аруулук, ыйман берилген.
Тазалыктын жолун карап,
Жашыл мейкин денизден.
Алга сүзүп “Ак кеме”,
Адамзат жашап актыкта,
Адалдык болсун деймин мен.
Белгисиз планеталар,
Суктанышат кыргызга.
Кыргыздын уулу Чынгызга.
Арыбагын актык деп,
Айтса салам жылдызга.
Эне тилди окутуп,
Чынгыз атам ойлорун.
Келечекке жеткирүү,
Биздин иш деп ойлоймун.
Манас менен Ала-Тоо,
Жанында турат да бир тоо.
Чокусу жеткен булутка,
Ошол болот Чынгыз тоо.

Аракет кылып токтодум,
Чынгыз ата жолуна.
Катасы болсо кечирип.
Алакан чаап койгула.

### ***Кенчи жолу***

Быйыл биздин шаарыбыздын гезити,
95 жашка толуп турган убагы.
Көптү көргөн сыйкырдуу күч атамдай,
Нурун чачкан гүлдүү дарак сыягы.

Сыйынамын бул дарактын түбүнө,
Кээ кездерде ырлар келип көңүлгө.

Жүрөк толкуп көңүлүңдү улаган,
Шахтер жолу жылдан-жылга көкөлө.

Куттуу болсун 95 жылдык маарекең,
Кылымдарга атың кетсин дүркүрөп.
Кенчилердин шаары болгон Сүлүктүм,
Жашай бергин алгалагын күркүрөп.

### *2016-жаңы жыл*

Жаңы жыл жалпы майрам,
Жаркырап баарын шаңдан.
Жашоого жарык болгон,
Жышаандуу улуу майрам.
Тост сүйлөп, шампан аткан,
Сулуу го ушул майрам.

Ак алтындай жаркылдап,
Нурун берген жаңы жыл.
Адамдарга байлыктын,
Кутун берген жаңы жыл.
Бөбөктөр күткөн сагынып,
Жомок берген жаңы жыл.

Жакшылыктын күзгүсү,
Шаша келгин жаңы жыл.
Тынчтык, бакыт, өмүр гүл,
Чача бергин жаңы жыл.

Жакшылык менен токчулук,
Жылы болгун жаңы жыл.
Адамзатка ийгиликтин,
Нуру болгун жаңы жыл.

### *Китеп менин досум*

Китеп - билим чырагы,
Жарык чачып нур берген.
Жүзүң тунук ачык маанай,
Акыл байлык жол берген .

Адам болуп эл катары кошулуп,
Эсиң болсо китепти сен сыйлагын.
Китеп сага бардыгынан эң керек,
Таза бетин кир кылбастан жыртпагын.

Ошол сенин келечекте наның болот ,
Ошол сенин эртең күнкү бактың болот.
Оомат берип турмушуңда бактылуу,
Ошол сенин түбөлүктүү даңкын болот.

Китеп –өнөр булагы,
Китепти биз барктайлы.
Китеп биздин мүлкүбүз,
Аны таза сактайлы.

### *Ооган жоокерине*

Ооган согуш оопатына кабылган,
Жоокерлер көп ден-соолугунан айрылган.
Канча энелер эскеришет балдарын,
Көздөрүнөн жашы куюлуп агылган.

Унутулбайт эч ким, эч нерсе, эч качан,
Баатырлардын эрдигине сыйынам.
Көкүрөгү толо орден тагынган,
Баатыр ага сени менен мактанам.

Силерсинер элдин көркү жаркылдап,
Келечекке өмүр берип арнаган.
Коркпойсуңар эч нерседен жалтанбай,
Бар болгула ооган жоокер аталган.

***Ноорузум***

Жыл жаңыртып ааламга,
Кирип келди Ноорузум.
Жер бетини түрлөнтүп,
Нурга бөлө Ноорузум.
Ынтымак, ырыскы, береке,
Кут ала кел Ноорузум.
Жакшылыктын жарчысы,
Майрамдардын алпысы,
Өмүр гүлүн чачылтып,
Кош келипсиң Ноорузум.

Мусулман элдин жаңы жылы,
Кирип келди жадырап.
Шаан-шөкөт той менен,
Тосуп алгын көңүл шат.
Жакшылык жасап адамдар,
Жыргасын бийлеп ыр ырдап.

Токчулук жана жышаандуу,
Жылы болсун Ноорузум.
Тынчтык береке, ынтымак,
Кетпес дөөлөт, кең пейил,
Ыры болсун Ноорузум.

Кампалар толо дан болсун,
Досторкон толо нан толсун.
Чөнтөгүң толо пул болсун,
Каптарың толо ун толсун.
Жер көгөрүп, чөп чыгып,
Айлананы өзгөрттү.

Жаңы туулган бөбөктөй,
Бак-дарактар бүрдөдү.
Козу-улактар маарап,
Уй, бээлер төлдөдү.
Нооруз келип жергеме,
Байчечекей гүлдөдү.

Билек түрүп эгин айдап,
Дыйкан баба кубанат.
Кудуңдашып жаш балдар,
Казан толо сүт кайнайт.
Сүмөлөк жасайт энем деп,
Көңүлү ачык баары шат.

Кылымдарды карыткан,
Санжыралуу Ноорузум.
Ырга, бийге шыктанткан,
Байманалуу Ноорузум.
Жан дүйнөмө тазалык,
Ыроологун Ноорузум.

Алас-алас айтышкан,
Чоң энелер көп болсун.
Күн нурундай Ноорузум,
Баарыңарга кут болсун.

## *Үйлөнүү тоюңар кут болсун*

Кудайдын куттуу күнүндө,
Исфананын төрүндө.
Кылгандары той болуп,
Сойгондору кой болуп.
Көптөн бери жыйынып,
Теңириме сыйынып.
Дасторконун жайнатып,

Даш казанын кайнатып,
Жан дүйнөсү бай эне,
Кең пейилдүү бай ата,
Элине ашын бергени.

Алыс жакындан туугандар,
Топурашып келгени,
Алакан жайып жаш-кары
Алкашып бата бергени.
Оомиин, оомиин оң болсун,
Орто толгон той болсун.
Турмуш жолун баштаган,
Үйлөнүү тоюңар кут болсун.
Үйүңөр толуп бакытка,
Ынтымак, ырыс жык толсун.
Бактыга бөлөнүп эки жаш,
Бай-байбиче болушсун.
Узак доор, узак өмүр сүрүшүп,
Эсен-аман жүрүшсүн.

Максат менен той кылган,
Ар адамга буюрсун.
Төгүлүп жакшылык нурлары,
Түндүгүнөн куюлсун.

Кадырлуу болуп ата-эне,
Балдардын озурун көрүңүз.
Бактылуулук жашоо каалаймын,
Ачык болсун дайым жүзүңүз,
Той-топурап небере-чөбүрөлөр менен,
Ээрчишип ар дайым жүрүңүз.

### ***Пайгамбар жашыңыз кут болсун***

Жан энем, кең жайлоом берекем,
Кең пейил мүнөзүңдөн айланып кетем.
Жүрөгүмдөн аз да болсо ырлар жаздым,
Касиеттүү ыйык жашка келип жеткен.

Алтын энем, Ала-Тоом, таянычым,
Жашоо улап балдарынды өстүрдүңөр.
Бар болгула, күндөй болгон ата-энем,
Биз үчүн кандай күндөр өткөрдүңөр.

Аман болуп бактыбызга күлүп-жайнап,
Уул-кыздын озуруну көрүңүздөр.
Небере-чеберелер чубурушкан,
Бактылуу өмүр, ширин доор сүрүңүздөр.

Атыңдан кагылайын жаркын энем,
Эч нерсени алмаштырбайм сага тең.
Карыздарбыз бизге берген кызматына,
Эне бүгүн сизге ийилип таазим этем.

Куттуу болсун пайгамбар жаш улуу жашың,
Кудай өзү колдоп сизди арытпасын .
Ден-соолугуңуз чың болуп алдыбызда,
Күч-кубаттуу жылмайып жүздү басың.

### ***Токчулар майрамы (электр майрамы)***

Ильич шамы жаркырап ,
Адамга күлүп баш бакты .
Күн нурундай жарыктык,
Жылуулук өмүр жашатты.

Ток болсо жашоо уланат,
Үйүң жылуу көңүл шат.
Караңгы дүйнө курусун,
Токчуларга ырахмат.

Эмгегиңер түйшүктүү,
Ден-соолуктар чың болсун.
Жылуулук берген токчулар,
Майрамыңар кут болсун.

### *Билим үрөнүн сепкен агай*

*БатМУнун экономика жана финансы иштери боюнча проректору, филология илимдеринин кандидаты, доцент Машрабов Абдималик Амирович 60 жашта*

Өмүр гүлүн жаркыратып дайыма,
Өктөө болуп ишиң жылып алдына.
Аргымактай алтымыш жаш кут болсун,
Бар болуңуз, көп жашаңыз дагы да.

Узун өмүр ден-соолукта болуңуз,
Уул-кыздын ырахатын көрүңүз.
Көп иштер бар келечектин алдында,
Бактыбызга эсен-аман жүрүңүз.

Февралдын он бешинде туулуп,
Жаралыптыр бели бекем буулуп.
Миң-миңдеген ачылышты жеткирди,
Тоо бүркүттөй шаңшып алга умтулуп.

Элдин уулу Малик агай аталган,
Улуу-кичүү кадырлашып сыйлаган.
Күлкү жайнап жүзүңүздөн ар дайым,
Жүзгө толуң ак сакалдуу жайкалган.

Акылдуу илимдүүлөр асыл жандар,
Билим менен бек күчү ишке ашар.
Илимдин үрөнүн сепкен агай,
Сизге даңк, урмат жана таазим кылар.

***Наамыңыз кут болсун.***

*Математика илимдеринин кандидаты*
*Жоро Осмонович Толубаевге*

Эсеп дүйнө акылын адам өстүргөн,
Кыялың менен ойду да анык көрсөткөн.
Илим нурун жайылткан Осмон уулуна,
Чоң казат болду жарышка түшүп күрөшкөн.

Аталып физик, математик эже-агайы,
Жете алган жок мындай ишке далайы.
Кандидаттык наамыңыз кут болсун,
Жараткан арнап берген белек бу дагы.

Кээ күндөрү таң атырып иштеген,
Акылын арнап, илхам келип күч берген.
Эмгегиңиз колго тийген кут болсун,
Жылдыз сымал чачырасын нур берген.

Көп адамдар окуп мисал чыгарып,
Колдонушсун келечекке талпынып.
Кыргызымдын жигиттери көп болсун,
Илим тизгин арабасын алкынтып.

Мындан дагы көп ийгилик багынтып,
Жүрө бериң күлүгүңдү чамынтып.
Акыл ойлор түндүгүнөн куюлсун,
Бизге дагы кандидаттык буюрсун.

Профессор, илим ачкан окумуштуу,
Болуң дагы улуу адам көп кырдуу,
Чың ден соолук , бакты-дөөлөт каалайбыз,
Бактылуу өмүр, узак доор жашаңыз.

***Көбөйсүн кыргызымдын Мидиндери***

*Мусаев Абдували Кенжебаевичке*

Кенжебай уулу Абдивали,
Ырлары куйкум жазылат.
Кай жерде болбо аганын,
Саптарын сүйлөп сөз кылат.

Күлкүлүү, бирок маанилүү,
Адамдын көнүлүн көтөрөт.
Лейлекте, башка жактарда,
Бааланып ырлары көп жүрөт.

Каалайбыз “Чачыла” жыйнагы
Чачылсын элге таркасын.
Тамшанып чачыланы алганда,
Адамдар саптарын алкашсын.

Бар болсун Мусабектин небереси,
Мидинге окшоштурам билип сизди.
Сатира, арноо ырлар чегип жазган,
Көбөйсүн кыргызымдын жигиттери.

*17. 05. 2016-ж.*

### *Аялдарды ардактайлы адамдар*

Ар бир үйдү жылуу кылган,
Бул турмушту нурга бөлөп,
Жарык берип сулуу кылган,
Адам наамын улуу кылган,
Ким деп билесиң адамдар ?
Албетте - бул аялдар.

Бул өмүрдү шаттуу кылган,
Чыдап баарын таттуу кылган,
Өмүр чөлүн бактуу кылган,
Мөмөлүү да, шактуу кылган,
Албетте - бул аялдар,
Аялдарды ардактайлы адамдар!

Баланы төрөп, мээримге бөлөп,
Канатын катырып, катарга жөлөп,
Күлмүңдөп күндөй, баарына өбөк,
Албетте - бул аялдар,
Аялдарга суктангыла адамдар!

Адамдардын жароокери, ардагы да,
Адамдардын боорукери, майрамы да,
Жашоодогу сылыгы да, ыйыгы да,
Арка-бел кылар байрагы да,
Албетте - бул аялдар,
Аялдарды сыйлагыла адамдар !

### *Бала чагым*

*(обондуу)*

Кечээ эле адырларда ойноп жүргөн,
Куурчак менен маектешип ойноп күлгөн.
Көпөлөктөй зымырап заматта сен,
Кагылайын бала чагым кайда калдың.

Адырларда гүл терип жүргөнүм ай,
Аргымакты тоо аралап мингеним ай.
Ата-эненин койнунда эреркелеп,
Эркелеген балдан таттуу күндөрүм ай.

Кыр-кырларда кыйкырышып обон салып,
Кырларымда басылган ай изим калды.
Чыгып биз ай көк жайыттуу жайлоолорго,
Кыйкырган ай аулаган үнүм калды.

Бирге жүргөн, бирге окуган курдаштарды,
Күндө эстеп элесине зарыгамын.
Кайдасыңар менин асыл классташтарым,
Мен силерди күндө эстеп сагынамын.

Билим берген, акыл берген ага-эжейим,
Насааттарың кайра самап сагынамын.
Бар болгула мен сыйлаган эже-агайым,
Силер берген ак жол менен мен жашаймын.

### *Карачачтын кайрылуусу*

Көчөдө келаткан кыялкеч Карачач капыстан канаты кайрылып, көпкө кыйналып калган касиеттүү күмүш канат кушту көрүп, катуу капаланып, кейиди, кайгырды. Кыр-кырлардагы кымыздыктары, кубаттуу калың коктуда кубулжутуп кайрык каккан канаттуулар кимди кана кызыктырбайт. Кайсы, каяктан келип калдың? Келгин куштар келсе, калаама көрк кошулушу, кооздукту көрсөткөн керемет кубулуш. Көпкө кармап, канатын карап Карачач колун көтөрүп, көкүрөгүн көтөрө кыйкырган калыпта калкына кайрылды:

- Келгиле кадырман калайык, канаттууларды кастарлайлычы. Кам көрүп, коргоп кастарлабасак ким карайт?

Кимде–ким канаттуунун каргышына калса, кудуреттүү Кудайым каарын кашайтпасын. Карап кастарлаган кудуреттен коркпойсуңбу? Көзгө көрүнбөгөн күчтүн көзүңө көрсөтүүсүн каалайсыңбы? Кимсиң? Кайда, каякка кетип каяктасың? Кайрымдуулук, кадырлуулугуң кана? Карылар кебин капка кастарлаганын кана? Кабак–кашты карытпай, каалганы кармап келген конокту коркутпай, күйдүргү кептерге кошулбай, кедейлерге кордук көрсөтпөй, каардуу каармандай кагышпагыла. Кылычтын канаттууларын карап көрдүңбү? Карчыгасы, күйкөсү, кекилик, карга, куш каганы күлүк күүсүн кылдаттыкта караган казалы калайыкка көрсөтүлгөн. Казалда куштардын кылык-жоругун көркөмдүк көркүн коштоп караганы, каймана каадасы кыргызды кубантат. Күнөө кимде? Кашайтып, кейиткен кымбаттуу калайык кадырмандарым. Келгиле, канаттуулардын каргышына калбай коргойлу! Келечекке кам көрөлү. Кимде-ким көзгө караса кем калбайт. Күч-кубаттуу коомдун керегесин кош колдоп көтөргөнгө кудайым кутту кабылдатсын.

Кудай калкымды күч-кубатта колдосун. Каргыштан көгөргөн ким? Корголгон канаттуулар канатын көккө кагып, көрк коштоп канатын какса кандай керемет. Коздукту кубултуп, көркөмү көрктөп, кулпуруп көбөйсүн. Канаты кулачтанып, керме күүлөрү кеңейсин. Көрөңгөлүү касиеттүү Кыргызстаныма көрк коштосун. Капаланган көңүлдөргө кубаныч келтирсин.

Калайык калкым, канаттууларды кадырлап коргойлучу!



## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ

Мен, Сапарова Зинатай Турдубаевна жаздын жыпар жыты аңкыган, күн нуру жер бетине амал киргизип, жан-жаныбар, курт-кумурска жанданып, эгин-чөптөр чыгып, текей гүлү баш багып гүлдөп жаткан маалда Сүлүктү шаарындагы 17-шурф көчөсүндө 1974-жылы 19-апрелде жөнөкөй кенчинин үй-бүлөсүндө туулганмын. Мен төрөлөөрдөн бир ай мурда атамды “Восьмое поле” азыркы Кош-Булак айылына атайы кенчилерге арнап тигилген бак майданына бакчы кызматына дайындашат, себеби шахтада атамдын колуна оор таш тийип, шахта ишине жарабай калган экен. Менин чилдем чыгар-чыкпас бир айдан кийин ошол бакка көчүп барыптырбыз. Ошол бактын арасында тамырым туташкандай дарактар менен бирге чоңоюп, өсүп, жан дүйнөмө кубат алып ушул күнгө чейин жашап келе жатам. Кышка чейин ошол бакта жашап, кыш түшөөрдө кыштоого 17-шурфка көчүп кетчү элек.

Атам Турдубай мал жандуу, ат баккан, кызыл беттүү, колунда кетмен, күрөгү, орогу, чалгысы бар кайраттуу киши эле. Атамдын шыбак, ар түрдүү оттордун жыты жыттанган мойнуна асылып, эркелеп жанынан алыс жылчу эмесмин.Анын жомогу көз алдыма тартыла берчү. Күндүн ысык аптабына

карабай чөп оруп чалгы чапканда, арпаны шатырата оргондо карап тезирээк бүтүшүн самачумун. Атам элдик оозеки чыгармаларды, жомокторду көп билчү .Жакшылыкты даңазалаган ырлары да көп эле. Көчөдө же талаадабы кетип жаткан адамды жанына чакырып көпкө аңгемелешчү, дасторконун жайып өткөн-кеткендерден нускалуу сүйлөшсө, кызыгып угуп отурчумун. Негедир алардын сүйлөшкөн кептери мага кызыктуу кинодой сезилип, көз алдыма тартылчу берчү .Чай алып келгенче шашып, бир нерсе жакшы кептен куру калчудай чуркачумун. Кыялданып, сезимдер алда кайда учуп карап, тиктеп, тыңшап отурчумун. Энем ыраматылык "сөз тыңшабай, мага келип, жардам бербейсиңби" деп көп жемелечү. Ошондо эле сөз баккан, эл кебин укканды жактырчу экенмин да, аны кайдан билейин. Бирок, андайды көпчүлүк жактыра бербейт.

Энем Артыгай да кээде ооз комузун кагып, чай үстүндө көңүлүбүздү көтөрчү. Сөздөрүн макалдатып айтып, куйкумдуу, күлкүлүү сөздөрү, сөзгө чечендиги менен абысын–ажындарынын алдында кадырлуу эле. Анын ар бир сөзү кулагымда сакталуу, иштери көз алдымда. Жылында бир түк килем жасабаса, көңүлү жай тапчу эмес. Табакта каймагы, чарада айраны толтура эле. Келген-өткөн адамдарга же меймандарга актан ооз тийгиле деп бере берчү. Азыркы учурда баары сатуу...

Бала чагымда атам бакка жөнөсө ыйлап ээрчип алаар элем. Атам мени атка учкаштырып алып, ат үстүндө ырдап баштаганда көңүлүм алда кайда учуп, бүткүл аалам меники болуп, бакытка тунуп, көккө канатым серпип учкандай болоор элем. Кызыл кашканын жамбашы кең болгондуктанбы буттарым ооруп чыкканда, атам белин бекем кармап, тизелеп же куржундун көзүнө отуруп алчумун.

Жапжашыл бактын абасына, түркүн куштун сайраган үнүнө, гүлдөрдүн кооздугуна, курт-кумурскалардын кыймылына көз тигип маашырлана ойноп жүрчүмүн. Кызык, көр чычкандын үйүнө эле суу куйганды жакшы көрчүмүн. Атам дарактардын тамырын жейт десе эле сууну куя берчүмүн. Суума малынган

келемиштер жөрмөлөп чыгып келсе “колго түштүңбү, дарактын тамырын жеген сенсинби” деп эле сүйлөнүп жүрө берчү экенмин. Ошол себептүүбү дарактарыбыз жапжашыл көрк берип, мөмөлөчү. Мунун баары алтын балалыктын бейкапар табылгыс доору экен.

Ошондой жыргалдуу балалыктын мезгилинде А.С.Макаренко атындагы №3 орто мектебине 1-классына бардым. 3-класста окуп жүргөн мезгилде бир окуя такыр эсимден кетпейт. Адам баласынын дүйнө таанымынын өсүшү, көз карашы баары башталгыч класстан башталат тура . Ал учурда бир жумада китепканадан бир адабий же башка китеп алып окубасак мугалимдер урушушат эле. Ошондуктан, китеп алып окуу бизге адат болуп калган. Бир китепти алып окудум, ал китептин автору да, аты да азыр эсимде жок. Темасы согуш жөнүндө болчу. Чыгарманын мазмуну төмөнкүдөй: бир аялды фашисттер туткунга алышып, кыштын ызгаар күнүндө жылаңайлак кар кечтиртип бастырышат. Боюнда бар байкуш басалбай баратса, мылтыктын учу менен кардын кескилеп, артынан күлүшөт. Ал болсо таманы карга ачышканын сездирбей душманды тике карайт, коркпойт. Калың кардын үстүндө жылаңач бойдон кечке унчукпай баса берет, баса берет. Айы-күнү жетип баласы төрөлөт. Орогонго эч нерсе таппай, баланы саманга ороп эмизет. Эртеси фашисттер аялды баласы менен дагы бастырышат. Жаш бөбөк ыйлап чыңырганда колунан жулуп алышып, мылтыктын учундагы бычагына сайып ойношот. Эне алынын барынча баласына жүгүрөт, кармай албайт. Буту музга тилинип, баскан сайын таманынан аккан кан кыпкызыл болуп тоңуп калып жатканы көз алдымдан кетпейт. Кинодой тизилип өтүп жаткан бул аянычтуу чыгармага жан дүйнөм түтпөй кетти. ”Эмне үчүн адамдар таш боор болушат? Согушпай жашай алышпайбы? Бири-бирине жардам берсе болот да. Өлтүрүүдөн не пайда, ырайымсыздар” деген сезим менен ыйлай берип 3 күн мектепке баралбай жатканмын. Ошондо биринчи жолу “Адамдар” деп ыр жазганмын. Азыр ал ырым жок, андай ырлардан канчасы жок болуп кетти. Бирөөгө

айтып көрсөтпөй же бирөө жыйнап жүр деп айтпай, канча наристе ырлар набыт болуп кеткен.

Үйдүн эркеси, кенжеси болгон үчүнбү атам менен такай бирге жүрүп, эркек баланын ишин көп аткарып жүргөн үчүнбү ат, эшек, малдар менен сүйлөшүп, камчы менен ат чаап, кыдындатып эшек минип өскөнмүн. Уул балдар менен көп ойночумун.

Кичинемден Манастан үзүндүлөрдү жаттап алып, көзүмдү жумуп шырылдатып аш-тойлордо, үйгө келген меймандарга айтып берчүмүн. Бир жолу аксакалдар чогулуп отурган жерде бакылдап Манас айтканым эсимден кетпейт. Томурайган колдорум менен ак, сары тыйындарды кудуңдап жыйнаганымчы. Алаканым толо шырыктатып, эжем экөөбүз сагыз, момпосуй алып жегенибизчи.

Агам жеңемди ала качып келгенде, үйдү жаңыртып ыйлаганда Манас айтып берип сооротконумчу. ”Кыздын эркеси, биттин серкеси. Бул кызынды ашыкча эркелетпе” деп аксакалдар айтышканын угуп, ошол бойдон Манас айтпай калдым. Ал учурда аксакалдардын айтышканы закон болчу. Дөңдө жыйналышып, кой айдаганда топ болуп отуруп, айыл арасындагы жаман–жакшыдан сөз кылып, жаманын, чеки иш кылганын аста билдирбей тарбиялап койчу. Алардын ак сакалын көрүп эле тартынчубуз,сыйлачубуз. Кийин эле бирин-экин суюлуп, азыр аларды көп эстейм.

6-класска көчкөнүмдө атам музыкалык мектепке мени киргизди. Комуз десе жеген ашымды жерге койчумун. Ар кайсы жерлерге, дубалдарга ”Комуз - өмүр”, ”Комуз –тагдыр”, «Комуз - тарых” деп эле жаза берчүмүн. Элдик дастандарды айрыкча “Жаныш-Байыш”, ”Айсара кыздын арманы”, ”Курманбек”, “Өрук комуз” жана башка лирикалык ырларды, анча-мынча өзүмдүн ырларымды обонго салып ырдап жүрчүмүн. Ош, Баткен, Хайдаркен тараптарга конкурс, фестивалдарга катышып, жакшы ийгиликтер менен кайтчумун. Көрсө, класс жетекчим музыка мугалими Ысмайыл Момунов жана тарбиячы эжей Зымырат Карыбековалар жан дүйнөбүзгө рухий азыкты жакшы эле берип, сугарып, үйрөтүп, кээде

жемелеп, эл алдына чыгарып, ырдатып такшалткан экен. Улуттук кийимди кийип, көйкөлө баса заңылдап дастандарды аткарсам, эл шатырата кол чапса кубанганымчы. Ал күндөрдө мен чексиз бактылуу элем.

Мектептеги “Учкун”, ”Жеткинчек” дубал гезиттерине ырларым чыгып, шаардык ” Шахтёр жолу” гезитине ырларым басылып чыгып 1сом же 50 тыйын гонорар алсам атам менен энеме сүйүнүп алып келчүмүн. Союз тарагандан кийин анын бири да калбады. Чыгармачыл адамдын жан дүйнөсүн түшүнүп, шыгына шык, демине дем бере турган, бийиктеп учкан кыялына, эргиген сезимине түшүнгөн адамдар сейрек учурайт турбайбы.

Чоңоё түшкөн кезимде дүйнөлүк акын-жазуучулардын чыгармалары менен тааныша баштадым. Авторлордун айтайын деген ойлорун, максатын түшүнүүгө аракеттенип, котормочулукка да кызыгып, анча-мынча которгондорум да бар.

1991-жылы Кулунду техникалык-кесипчилик окуу жайынын мектепке чейинки бөлүмүнө документ тапшырып, 1993-жылы айылдагы “Нооруз” балдар бакчасынан эмгек жолумду баштадым.

1999-жылы ОшМУнун филиалы болгон БатМУ СГЭИнин филология факультетинин сырткы бөлүмүн 2004-жылы бүтүрдүм.

1999-2002-жылга чейин “Алтын балалык” балдар чыгармачылык борборунда комуз ийримин жетектеп, ошол эле жылдары И.Раззаков атындагы №7 орто мектебинин музыка жана кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштедим.

2002-жылдан 2016-жылдын сентябрь айына чейин Н.Кушматов атындагы №9 мектеп-гимназиясында кыргыз тили жана адабияты, адеп мугалими болуп эмгектендим. Ал мектептен көптөгөн жакшы баалуулук сапаттарды, элге кадырлуу болгон адамдар менен аралаша жүрүп көп нерселерди үйрөндүм, такшалдым, ийгилик коштоп элдин урматына бөлөндүм. Көптөгөн өнөрлүү шакирттерди

тарбияладым. Кудая шүгүр, азыр Кыргызстандын ар бурчунда элге кызмат кылууда.

Азыркы учурда 2016-жылдын сентябрь айынан баштап БатМУнун Гуманитардык-экономикалык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө кыргыз тили жана адабияты адистигинин окутуучусу болуп иштеп келе жатам. Өмүрүмдө баалаган өнөр болгон акындык касиетимдин артынан 2009-жылы Сүлүктү шаарымдын 140-жылдыгына арнап “Масти кыз” аттуу ырлар жыйнагымды чыгарган элем. Мугалимдердин, студенттердин, тарбиячылардын сураныч менен кайрадан оңдоп, кошумчалап басып чыгарууга аракеттендим. 2016-жылдын 28-ноябрында Баткен ТВ тарабынан уюшулган телекөрсөтүү “Адабият айдыңы” да элге таанытып, чыгармачылыгыма күч-дем болгону кубантарлык иш болду. Элдик уламыштын негизинде жазган ырларымдын кем-карчын кечирип, окуп коюуңуздарды суранам. Бул жыйнакты БатМУ СГЭИнин 20 жылдыгына арнап, менин чыгармачылык келечегиме жол ачып, шыгыма шык, жакшы чыгармаларымды жаратышыма түрткү болот деген ойдомун.

## Мазмуну

*Жороев М.* БАШ СӨЗ ....................................................3
*Хидирова Ч.Х.* “Масти кыз” ырлар жыйнагына кандидаттын пикири ........................................................4
*Абдуллаев Р.М.* Кыргыз поэзиясындагы жаңы ысым ..5
*Эгембердиев Р.* “Масти кыз” ырлар жыйнагына журналисттин пикири .....................................................6

Окуу жайым ..................................................................7
Мен кызымын ...............................................................8
Ишеним ........................................................................9
Биздин өрүк ................................................................10
Өмүрүм өнөрүм деп жашап келет ............................11
Жаз сулуулугу жана адамзат.......................................11
Төккүн жамгыр...........................................................12
Жаз жыты ....................................................................13
Жыл периге .................................................................13
Сүлүктүмө...................................................................14
Кош-Булак...................................................................14
Масти кыз *(Элдик уламыш)* ......................................17
Туулган күн.................................................................28
Тил майрамы...............................................................28
Эне тил ........................................................................29
Бий ...............................................................................30
Ыр ................................................................................30
Агама ...........................................................................31
Мугалимге...................................................................31
Мугалим ......................................................................32
Аталар .........................................................................33
Ардагер........................................................................34
Раззак уулуна...............................................................35
Сөз тийгизбе жериме ..................................................35
Жардам күтөт шайлоочуң. *Депутат Аскар Шадиевге* .36
8-март майрамыңар кут болсун ....................................38

Энеме........................................................................................38
Энелерди сыйлайлы..................................................................40
Сыйлаганга акым бар.................................................................41
Апаке (балдар үчүн)...................................................................42
Тирүүлүктүн жарыгы..................................................................42
Эч качан адам оорубасын.........................................................43
Кош бол, окуучум .......................................................................43
Окуучулук күндөр ай!..................................................................44
Раззаковго ...................................................................................45
Жолугушууга жүргүлө...................................................................45
Чогулуш .......................................................................................47
Жаз келсе .....................................................................................47
Кыздарым......................................................................................48
Түшүмө кирдиң энеке....................................................................48
Менин атам ....................................................................................49
Атакемдин санаты .........................................................................50
Элдик санналар *(элибиздин той-маарекелерде айтылуучу чечендиги)* .......................................................................................53
Орок оргондо *(элдик ырлардан)* ...............................................55
Жайлоо ыры ...................................................................................56
Саламаттыкты сактоо жылына .....................................................59
**Котормолор** ...............................................................................61
*Расул Гамзатовдон*.......................................................................61
***..................................................................................................61
Жаштыктагы кемчилик...................................................................62
*С. Острова*. Адам - ал сезилбеген жаратылыш .........................63
***..................................................................................................63
Мен жеткинчек баламын ..............................................................64
Айдин Шер ....................................................................................64
Күмүшайга .....................................................................................65
Баланын тилеги .............................................................................66
23-февраль Ата Мекенди коргоо күнү ...........................................67
Төкмө акындар менен жолугушуу.................................................68
Юнусов Омурзак Мариповичге .....................................................70
Телефондогу сезимдер..................................................................71
Ыр жаза албай кусаланам..............................................................72

Кыш келди ....................................................................72
Чыңгыз Айтматовго ......................................................73
Кенчи   жолу ..................................................................75
2016-жаңы жыл...............................................................76
Китеп   менин досум ......................................................77
Ооган жоокерине............................................................77
Ноорузум........................................................................78
Үйлөнүү  тоюңар  кут  болсун ........................................79
Пайгамбар  жашыңыз  кут  болсун.................................81
Токчулар майрамы  (электр  майрамы)..........................81
Билим  үрөнүн  сепкен  агай  *Машрабов Абдымалик Амирович 60 жашта* ........................................................82
Наамыңыз  кут  болсун *Жоро Осмонович  Толубаевге*.83
Көбөйсүн кыргызымдын Мидиндери
*Мусаев Абдували Кенжебаевичке*...................................84
Аялдарды   ардактайлы   адамдар………………………...85
Бала   чагым…………………………………………...….85
Карачачтын   кайрылуусу……………………………….86

ӨЗҮМ  ЖӨНҮНДӨ......................................................888

---

Сапарова  Зинатай  Турдубаевна

*Масти кыз*

*Поэма  жана  ырлар*

Жооптуу редактору: *Хидирова Ч.Х.*

Ченеми 60 80/16. Көлөмү 6,0 басма табак. Тиражы 200 экз.

“Айат” басмасы
Бишкек ш., Ташкен к., 60